СҮРӨТТӨРҮ МЕНЕН НАМАЗ

БАШПАК

УДК 29
ББК 86.38
Я 41

Колуңуздардагы «Сүрөттөрү менен намаз» аттуу китепте дин Исламдын беш парзынын бири намаз, ошондой эле жума, айт, жаназа жана айрым напил намаздары тууралуу баяндалат. Мында эч кандай саясый максат жок.

Я 41 Сүрөттөрү менен намаз:

Б.: 2007. - 136 б.

ISBN: 978-9967-24-156-5

Чыгарма Кыргызстан мусулмандар башкармалыгына караштуу текшерүү комиссиясы тарабынан текшерилип, ««Ахли сүннөт валь жамаат» акыйдасына карама - каршы келбейт», - деген аныктама берилген.

Китепти даярдаган ОсОО "Башак" комиссиясы

Компьютердик калыпка салган жана жасалгалаган:

Насыпбек Асанбаев

Колдонулган адабияттар:

"Сүрөттөрү менен намаз" Сейфеттин Языжы
"İslam İlmihali" Prof. Dr. Hamdi Döndüren

Бишкек шаары, Шабдан Баатыр к, 4-б

Я 0403000000 - 07 УДК 29
ISBN: 978-9967-24-156-5 ББК 86.38

©ОсОО "Башак",2007 ж.

Сүрөттөрү менен намаз

Бишкек 2007

Урматтуу Окурмандар!

Колуңуздардагы «Сүрөттөрү менен намаз» аттуу китепте дин Исламдын беш парзынын бири намаз, ошондой эле жума, айт, жаназа жана айрым напил намаздары тууралуу баяндалат. Анда даарат алуунун жана намаз окуунун таризи сүрөттөрү менен берилип, намазга тиешелүү дубалар, сүрөөлөр камтылган.

Кыргызстан мусулмандарынын дин башкармасы мындай китептерди даярдап элге тартуу кылып жаткан адамдарга ыраазычылыгын билдирип, калайык калкка сиңимдүү болушун Алладан тилейт.

Сиздерди терең урматтап,

Кыргызстан
мусулмандарынын
Азирети муфтийи

Муратали ажы Жуманов

АЛГАЧКЫ МИЛДЕТИБИЗ

Акыл-эси калыптанган жана балакатка жашы жеткен ар бир инсандын алгачкы милдети **«Ыймандын негиздерине ишенүү»** болуп саналат. Ибадаттардын кабылданышы да мына ушуга байланыштуу.

Ошондуктан ар бир мусулман баласы үчүн ыймандын негиздерин билип, ишенүү зарыл. Бул «Ыймандын шарттары» деп аталат.

ЫЙМАНДЫН (ИШЕНҮҮНҮН) ШАРТТАРЫ

Ыймандын алты шарты бар:

1 - Алланын бар жана жалгыз экендигине ишенүү.

2 – Алланын периштелерине ишенүү.

3 – Алланын китептерине ишенүү.

4 – Алланын пайгамбарларына ишенүү.

5 – Акырет күнүнө, кайрадан тирилмекке ишенүү.

6 – Жазмышка (тагдырга): жакшылык менен жамандык Алланын даргөйүндө жазылган жазмыш боюнча жүзөгө ашарына ишенүү.

ИСЛАМДЫН ШАРТТАРЫ

Ыймандагы эң маанилүү милдетибиз «Исламдын шарттарын» үйрөнүп ынануубуз жана бул шарттарды аткаруубуз.

Исламдын беш шарты бар:

1 – Шахадат келмеси: **«Ашхаду алла илааха иллаллах ва ашхаду анна Мухаммадан абдуху ва расулух»** деп айтуу.

Мааниси: «Бир Алладан башка Кудай жогуна күбөлүк берем жана Аз. Мухаммаддын (а.с.) Алланын кулу жана пайгамбары экенине күбөлүк берем».

2 – Намаз окуу:

(Күндө беш маал намаз окуу).

3 – Орозо кармоо:

(Ар жылы Рамазан айында бир ай орозо кармоо).

4 – Зекет берүү:

Бай мусулмандар ар жылы жардыларга жана муктаждарга жекет бериши.

5 – Ажыга баруу:

Бай жана колунда бар мусулмандар өмүрүндө бир жолу Меккеге ажылыкка барышы.

ДААРАТ

Даарат – белгилүү мүчөлөрдү эрежеси менен жууп жана масх тартуу (нымдап сылоо) менен тазалануу. Намаз окуу үчүн даарат алуу шарт.

ДААРАТТЫН ПАРЗДАРЫ

Дааратты төрт парзы бар:

1 – Бетти жуу.

2 – Колду чыканакка чейин жуу.

3 – Баштын төрттөн бир бөлүгүн масх тартуу.

4 – Бутту кызыл ашык менен бирге жуу.

Бул парздардан бирөө эле кем болсо, даарат туура болбойт. Парздан башка дааратты сүннөттөрү жана жол жобосу да бар.

ДААРАТТЫН МАКРУХТАРЫ (МАКҮРӨӨЛӨРҮ)

Дааратты макүрөөлөрү төмөндөгүлөр:

1 – Сууну керегинен көп колдонуп ысырап кылуу.

2 – Сууну керектүү өлчөмдөн аз колдонуу.

3 – Сууну бетине чачып жуунуу.

4 – Даарат алуу учурунда себепсиз сүйлөшүү.

5 – Ыпылас жерде даарат алуу.

Даарат алган адам мына ушулардан оолак болуусу керек.

ДААРАТТЫ БУЗГАН НЕРСЕЛЕР

Төмөндөгү себептер дааратты бузат:

1 – Дененин кайсы бир жеринен кан, ириң суу чыгуусу.

2 – Ооз толтура кусуу.

3 – Түкүргөн учурда түкүрктүн жартысы же андан да көбүрөөгү кан болуу.

4 – Зандоо, заара кылуу же жел чыгаруу.

5 – Эстен тануу же мас болуу.

6 – Намаз учурунда күлүү (намаздан сырткары күлүү дааратты бузбайт).

7 – Уктоо.

ДААРАТСЫЗ ЖАРАКСЫЗ БОЛУП ЭСЕПТЕЛГЕН ЖАГДАЙЛАР

Даарат албай туруп:

а) Намаз окуу,

б) Куран-и керимге кол тийгизүү,

в) Тилават саждасына жыгылуу,

г) Каабаны таваф кылууга (тегеренүүгө) болбойт.

ДААРАТТЫН АЛЫНЫШЫ

Дааратты алыныш таризин үйрөнүү үчүн сүрөттөрдү кезеги менен карайлы:

1-сүрөт

1) Алгач көйнөктүн жеңи чыканактан бир аз жогору түрүлөт, андан кийин мүмкүнчүлүк болсо кыбылага карап: **«Алла ыраазычылыгы үчүн даарат алууга ниет кылдым»**, деп ниет кылынат жана **«Аузубиллахиминашшайтаа-нирражим, бисмиллахиррахмаа-ниррахим»**, деп айтылат. (1-сүрөт)

2) Кол билектерге чейин үч жолу жуулат. Манжалардын арасына жакшылап жуу, эгер манжада шакек болсо, аны тегеретип, астына суу жүгүртүү зарыл (2-сүрөт)

2-сүрөт

3-сүрөт

3) Мындан кийин оң кол менен 3 жолу суу ууртап, ар бир жолу тамакка чейин суу жеткирүү, тишти баш бармак жана сөөмөй менен же мисфак менен жакшылап чайкоо керек. (3-сүрөт)

4-сүрөт

4) Андан кийин кол менен мурунга үч жолу суу жүгүртүп, сол кол менен чимкирүү зарыл.
(4-сүрөт)

5-сүрөт

5) Маңдай чач башталган жерден тартып кулакка жана ээк астына чейин үч жолу жуулат.
(5-сүрөт)

6-сүрөт

6) Мындан кийин оң кол, чыканак менен кошо үч жолу жуулат. Анда колдун бир да жери кургак калбашы керек. (6-сүрөт)

7-сүрөт

7) Кийин сол кол чыканак менен кошо үч жолу жуулат. Мында да колдун бир да жери кургак калбашы зарыл. (7-сүрөт)

8) Колдор дагы бир жолу сууланат. Оң колдун алаканы менен баштын үстү сыланат. (8-сүрөт)

8-сүрөт

9-сүрөт

9) Колдор кайра сууланып, колдун сөөмөйү менен кулактын ичи, баш бармак менен кулактын тышы сыланат. (9-сүрөт)

10-сүрөт

10) Калган үч манжанын сырты менен моюнга масх тартылат. (10-сүрөт)

11-сүрөт

12-сүрөт

11) Адегенде оң бут, андан соң сол бут кызыл ашык менен кошо жуулат. Бармак учтарын баштап, бармактын араларын жакшылап жууп тазалоо керек. (11-12-сүрөт)

Даарат бүткөндө кыбылага бурулуп шахадат келмеси келтирилет. Парздары, сүннөттөрү менен туура алынган даарат ушундай болот. Даарат алуу учурунда окула турган дубалар бар. Булар окулса жакшы. Ал эми окулбаса да даарат толук болот.

ТАҢУУНУН ҮСТҮНӨН МАСХ ТАРТУУ

Дененин кайсы бир жеринде сынык же жаранын үстүнөн такуу болсо, даарат жана гусул алганда таңуу чечилип, асты жуулат. Эгерде таңууну чечип астынан жуу зыян келтирсе, таңууну чечүүнүн зарылчылыгы жок. Бул учурда кол намдалып, таңуунун үстүнөн бир жолу масх тартуу керек.

Жара үстүндө дары болуп, бирок таңуу болбосо, муну жууш зыян келтирбесе, жара кошо жуулат, суу залал келтирсе жуулбайт, тек гана масх тартуу жетиштүү. Масх зыян болсо, ал дагы кылынбайт.

ГУСУЛ

Кургак жер калтырбастан бүт денени жуу гусул деп аталат.

ГУСУЛ АЛУУ ЗАРЫЛ БОЛГОН АБАЛДАР

1) Жетилген курактагы аял же эреке жыныстык байланыш кылса.

2) Уктаганда же ойгоо кезинде аял жана эркектин жыныс мүчөсүнөн суюктук кызуулук менен чыкса.

3)Аялдар айына көрүүчү этек кири бүткөндө.

4) Жаңы төрөгөн аялдардын кир көрүүсү бүткөндө.

Жогоркудай абалда болгондордун гусул алуусу парз (милдет) болот. Эгер булар гусул албаса анда:

а) Намаз окуй албайт.

б) Куран окуй албайт.

в) Куранга кол тигизе албайт.

г) Каабаны таваф кыла албайт.

д) Себепсиз мечитке кире албайт.

Айрыкча аялдар, этек кири жана төрөлгөн кийинки кир көрүү маалында орозо армай албайт.

Гусул алуу зарыл болбогон айрым бир учурларда гусул алуу сүннөт болуп эсептелет. Маселен, жума намазы үчүн, айт намазы үчүн гусул алуу сыңар.

ГУСУЛДУН ПАРЗДАРЫ

Гусулдун үч парзы бар:

1) Оозго суу ууртап тамака чейин жеткизип, оозду чайкоо.

2) Мурунга сууну каңылжарга чейин тартып чайкоо.

3) Бүт денени (батанаяк кургак жер калтырбастан) жуу.

Парздардан башка гусулдун сүннөттөрү да бар. Эми пардарга жана сүннөттөргө ылайык гусул кандай алынарын аныктайлы:

ГУСУЛДУН АЛЫНЫШ ТАРИЗИ

Гусул кыла турган киши алгач «Бисмилланы» айтып, гусул алууга ниет кылат. Иралды колун, андан соң жыныстык мүчөсүн жууп тазалайт.

Мындан кийин оң колу менен оозуна үч жолу суу ууртап, ар жолу тамагына чейин оозунун ичин жакшылап чайкайт, анан оң колу менен мурдуна үч жолу суу жиберип, сол колу менен чимкирип мурдун тазалайт, анан бетин, колдорун чыканакка чейин жууп, башы, мойнуна масх тартып даарат алат (бутунан башкасын).

Андан соң үч жолу башына, анан үч жолу оң ийнине, үч жолу да сол ийнине суу куюп жуунат. Сууну ар куюшунда олдорунун жеткен жерлерние чейин денени жышыйт. Ийне учундай да кургак жер калтырбастан бүт денени үч жолу жакшылап жууйт.

Жуунган малда:

Киндикти, кулак калканчасынын ичин, сөйкө тешиктерин, тиш араларын, мурут, чач, сакалдын түбүнө чейин суу жетиши керек. Гусулда дуба окулбайт, үчтүндө бир нерсе болсо кыбыланга бурулбайт жана зарылчылыгы жок сөз сүйлөбөйт. Парзга жана сүннөткө ылайык алынган гусул ушундай болот.

Гусул алуусу керек болгон киши гусулга ниет кылып анан оозуна жана мурдуна суу алып жакшылап тазаланган-дан кийин аккан сууга, деңизге же болбосо бир бассейнге кирип денесин бардык жерин чайкаса да гусул кылган болуп эсептелет.

ҮЗҮРҮ БАР АДАМДЫН ДААРАТЫ

Тез-тез мурундун канашы, табарсыкка суук тийиши, кыска убакыт сайын (сийдиктин чыгып турушу) жаранын канап турушу сыяктуу даартты бузган нерселер «үзүр» деп аталат.

Ислам дини ибадаттар үчүн атайын өз убакыттарды белгилеген. Ибадаттардын өз убагында аткарылышы мусулманга жүктөлгөн жоопкерчилик жана милдет. Алы жетпей турган оорчулукту Ислам дини пендезатка эч качан жүктөбөйт. Ошондой эле кыйын же оор болуп сезилген маселелерде эрежелери менен жеъилдик берилет. Ошондуктан үзүрү бар адамдар үчүн атайын өкүмдөр билдирилип, ибадаттарын өз убагында аткаруусу үчүн аларга да мүмкүнчүлүк берилген.

Кандай гана болбосун дааратты буза турган фунциядагы үзүрдүн айыгып кетиши белгилүү болсо, ал үчүн атайын убакыт бар.

Маселен, бир адамдын мурду бешим намазынын убактысынын киришинен чыгышына чейин, башкача айтканда дигердин убактысы киргенге чейин, жадагалса даарат алып намаз окуганга мүмкүнчүлүк бербестен токтобой канай берсе, жана ошондой эле мындан кийин да ар бир намаз убактысында бир жолудан болсо да канай берсе, бул адам үзүрлүү болуп эсептелет.

Үзүрү бар адам парз намаздын убактысы келгенде даарат алат. Ошол намаздын убактысы чыкканга чейин белгилүү үзүрүнөн башка, даараткa залакасын тийгизген жагдай жараян этмейин парз болобу, важиб болобу, сүннөт болобу же каза намазы болобу айтоор жума, айт намаздарын окууга мүмкүнчүлүгү бар. Ошону менен бирге Каабаны таваф кылууга, Куранды колго алууга уруксат. Парз намаз убактысынын бүтүшү менен үзүрү бар адамдын даараты да сынган болот.

Кыскасы, Ислам дини жеъилдиктин дини. Адамзаадага эч качан жамандык каалабаган, аны ар дайым туура-түз жолдо жүрүүгө үндөгөн дин.

АЯЛДАРДЫН ӨЗГӨЧӨ АБАЛДАРЫ

Аялдарга байланыштуу өзгөчө абалдар үчөө болот:

1) Этек кири абалы:

Аялдар жетилген куракка келгенде өзгөчө бир абалга ээ болушат. Бул «этек кири абалы» делинет. Этек кир айына белгилүү күндөрдө келет жана жалпы алганда элүү беш жашка чейин уланат. Кээ бир аялдарда бул жаштан да эрте аяктоосу мүмкүн.

Этек кири абалы ар аялда ар түрдүчө болот. Эң аз дегенде үч, эң көбү он күн болот. Бул күндөр ичинде жатындан келген кандын дайым агып туруусу шар эмес. Кан анда-санда келсе да бул мөөнөт этек кири маалы болуп эсептелет. Этек кири учурунда кээ бир нерселердин жасалышы арам болгондуктан, ар бир аял ал күндөрү жакшы билиши жана ошол күндөрдө этиятануусу керек.

Аял киши мынадй учурда:

1) Намаз окуй албайт.
2) Орозо кармай албайт.
3) Куран окуй албайт.
4) Куран-и керимге кол тийгизе албайт.
5) Каабаны айлана албайт.
6) Мечитке кире албайт.
7) Күйөөсү менен жыныстык байланышта болалбайт.

Этекири бүткөндө гусул алуу (жуунуу) парз болот. Аялдар этек кири маалында окубаган намаздары каза кылышпайт. Буларды бийик Рабыбыз билдирген. Кармакй албаган орозону болсо, бир күнгө бир күн каза кылышат, башкача айтканда, кийин кармашат.

2) Жаңы төрөгөн аялдын абалы:

«Бала төрөгөн аялдарда болуучу бул өзгөчө абал «40 чилделүү аялдын аблаы» делинет. Кырк чилдесинде болгон аялдын бул абалы, баланы төрөгөнүнөн баштап эң эле көп болгондо кырк күнгө созулат. Аз болуунун чеги жок, кырк күндөн аз болушу да мүмкүн. Мындай учурда аял гусул кылып ибадаттарын улантат. Кырк күндөүн толук бүтүүсүн күтпөйт. Аялдын кырк чилдесинде аккан кан бир мөөнөт токтосо, андан кийин уланса, кандын токтогон күндөрү да «40 чилделик абалына» кирет.

Этек кир абалында жасалышы арам болгон нерселер, аялдын кырк чилдесинде да жасалуусу арам болот. Кырк чилдесиндеги аялдын бул өзгөчө абалы бүткөндөн кийин гусул алуу парз болот. Бул мезгилде кармалбаган орозолор каза кылынат, ал эми намаз каза кылынбайт.

3) Истихаза:

Аккан кан үч күндөн мурун бүтсө бул айыздык алаб эмес, аял үчүн орундуу себеп болуп эсептелинет. Он күндөн ашык болгон айыз абалы менен кырк чилдесинде болгон аялдын этек киринин кырк күндөн ашуусу жана боюнда бар учурда келген кан дагы ушуга кирет. Ушул абалдар **«Истихаза»** делинет.

Аялдар мынадй учурда орозолорун кармайт, намаздарын окушат. Анткени булар этек кирдик жана жаңы төрөгөн аялдын абалы эмес, мурду канап кетүү сыяктуу орундуу себеп болуп эсептелинет.

НАМАЗДЫН МААНИСИ

ТӨРТҮНЧҮ СӨЗ

بِسْمِ اللَّهِ الرَّحْمَٰنِ الرَّحِيمِ الَّذِينَ يُؤْمِنُونَ بِالْغَيْبِ

Эгерде намаз канчалык баалу, өтө маанилүү экенин, жана бир аз гана убактынын кетирүү менен иштеп табыларын, аны аткарбаган адам канчалык акылсыз жана канчалык зыянга учурап, көптү жоготуп жатканын айдан ачык, эки жерде эки төрт дегендей түшүнгүң келсе, бул кыскача аңгемеге кайрыл, угуп тур...

Бир жолу бир улук падыша эки кызматчынын бир бирине жыйырма төрт алтын тыйындан берип, эки айдын аралыгында жайгашкан өзүнүн укмуштуу бир жерине жашай турсун деп жиберди. Аларга мындай деп буюрду: «Бул акчаны жол чыгымдарына жана билетти сатып алууга жумшагыла. Мындан тышкары ал жерде жашоого керектүү кээ бир оокаттарды сатып алгыла.

Бир күндүк жолдун аралыгында автобус, кеме, поезд, учагы бар бир станция жайгашкан, тиги жерде жетүү каражатыңарга жараша болот». Эки кызматчы бул акыл – насыятты угуп, сапарга чыгышты. Алардын бактылуу болгон бирөөсү станцияга чейин акчасынын кээ бир гана бөлүгүн сарптады. Бирок бул жумшалган тыйындарынан ало кожоюунуна жаккыдай жакшы кирешени алып, анын каржаты 1000 эсе арбыйт. Берки бактысыз кызматчысы болсо, өзүнүн бузукулугунан станцияга чейин эле жыйырма үч алтын тыйынын сарптады. Аларды ар кайсы кумар оюндарына коротуп ысырап кылды. Ошентип анда бир гана алтын тыйын калды. Анын жолдошу ага мындай деди: «Укчу! Бул бир алтыныңа билет ал. Ошондо сен бул узак

жолдо жөө да жүрбөйсүң, ачка да калбайсың. Анын үстүнө биздин Кожоюн Жоомарт. Албетте, ал сага ырайымдуулук кылып, кылган каталарыңды кечирет. Сени да учакка отургузушат, жана жашай турган жерибизге бир күндө жетебиз. Антпесең, чөлдө эки ай бою ачка, жалгыз жөө жүрөсүң» - деп кеңеш берди. Эгерде ал өжөрлөнүп, кандайдыр бир казынанын ачкычы болгон жалгыз тыйынын билетке коротпостон убактылуу лаззат үчүн бузук иштерге жумшаса, бул саякатчы канчалык акылсыз, зыянга учураган бактысыз экенин, жадагалса, эң акылсыз адам да түшүнбөй коебу?

Ошентип биздин Кудайыбыз, биздин Жаратуучубуз болот. Тигил эки кызматчы – жолоочулардын бирөөсү – такыбалуу, намазын чын дили менен аткарган адамдар. Экинчиси болсо – камырабаган, бейгамдыкка батып, намазды аткарбагандар. Тиги жыйырма төрт алтын тыйын болсо – күнүмдүк 24 сааттык өмүр. Тиги жер – ал Бейиш. Тиги станция болсо – кабыр. Сапар жолу – кабыр ичине, хаширге түбөлүктүүлүккө кетип бараткан адамдын жолу. Адамдар өздөрүнүн жасаган амалдарына, иштерине, такыбалуулугунун даражасына жараша, узак жолду ар кандай өткөрүшөт. Такыбалуулардын бир бөлүгү болсо, ошол эле убакытта 50 миң жылдык аралыкты кыял сыяктуу өтөт. Улуу Куран өзүнүн эки аяты менен муну көрсөтүп турат. Тиги билет – Намаз. Даарат менен беш маал намазга бир гана саат убакыт сарпталат.

Адам өзүнүн жыйырма үч саатын кыска дүйнө жашоосуна берип, бир гана сааттык убакытты түбөлүктүү жашоо үчүн жумшабай, канчалык акылга батпаган кылыкты жасайт, өзүнүн жаны үчүн кнадай гана адилетсиздик кылып, канчалык бактысыз болот! Анткени эгерде акыл 1000 адам катышкан лотерея кумар оюнуна өзүнүн байлыгынын жарымын берүүгө макул болсо, ошондо өзүнүн мүлкүнөн жыйырма төрттөр бир бөлүгүн, чндыгында 99 пайызга табылары анык болгон түбөлүктүүлүк казынасына бер-

бей өзүн акыл-эстүү деп эсептеген адам акылмандуулукка канчалык каршы туруп жатканын, акылдан канчалык алыс турганын түшүнбөй жатабы?

Ошондой болсо да, намазда рух, жүрк, акыл-эс улуу бир бейиплдикти, тынчтыкты табат, анын үстүнө адамдын денеси үчүн оор деле иш эмес. Мындан сырткары, намаз окуган адамдын калган бардык күнөөсүз дүйнө иштери (мубах) жакшы ниетинин жардамы менен Жараткан Аллахка ибадат кылуу маанисине жетишет. Ошентип, адам бир жагынан, бүт өзүнүн өмүрлүк убактысын Акыреттин энчиси кылышы мүмкүн, экинчи жагынан өзүнүн жашоосун түбөлүктүү кылат.

ТОГУЗУНЧУ СӨЗ

بِسْمِ اللَّهِ الرَّحْمَٰنِ الرَّحِيمِ

فَسُبْحَانَ اللَّهِ حِينَ تُمْسُونَ وَحِينَ تُصْبِحُونَ ۝ وَلَهُ الْحَمْدُ فِي السَّمَاوَاتِ وَالْأَرْضِ وَعَشِيًّا وَحِينَ تُظْهِرُونَ

О менин боордошум! Сен менден беш маал намазды окуудагы берилген белгилүү убактардын маанисин сурап жатасын. өтө көп маанилердин ичинен бирди гана бул жерде баяндайбыз.

Ооба, ар бир беш маал намаздын убактысы зор маанилүү өзгөрүүлөрдүн (бир абалдан башка абалга өтүүнүн) башаты, Кудай буйругунун кандайдыр бир залкар күзгүсү, жана бул буйруктагы Кудайдын чексиз ырайымынын кандайдыр бир чагылдыруусу болуп саналганынан жана эки намаз убактарынын ортосунда топтологон бардык эсепсиз береке үчүн, бул убактарда Айбаттуу Кудуреттүүнү дагы көбүрөөк улуктоодон, алкыштоодон, рахмат айтуудан турган намазды аткаруу буйрулган.

Бул назик жана терең маанини кандайдыр бир даражада түшүнүү үчүн, кийинки беш өзгөчөлүктү мени менен бирге угуп коюу керек!

Биринчи өзгөчөлүк: Намаздын маңызы – Улук Аллахты ыйыктоо, Аллахты бүтүн кемчиликтен таза деп билүү (тасбих), улуктоо (таазим), алкыш айтуу, ыраазычылыгын айтуу (шүкүр); сөз жана аракет менен **«Субханаллах»** деп, Анын Кудуретинин алдында жүгүнүп, Аны ыйык тутуу... Кемчиликсиздигинин алдында руханий жана күч-кубат

жактан **«Аллаху Акбар»** деп айтып, Аны улуктоону... жана Анын Жамалынын алдында жүрөгүң, тилиң жана денең менен **«Альхамдулиллах»** деп, Ага ыраазычылыкты билдирүү... Демек, тасбих (ыйыктоо), такбир (улуктоо), хамд (алкыштоо) намаздын негизин түзөт. Мына ошондуктан, ушул үч өзөк намаздын бардык кыймыл-аракетинде жана зикирлеринде катышат. Буга байланыштуу, намазды аткаргандан кийин анын маанисин чыңдап бекемдөө үчүн берилген ыйык сөздөр (**«Субханаллах», «Альхамдулиллах», «Аллаху Акбар»**) отуз үч жолу кайталанат. Намаздын мааниси ушул кыскача сөздөр менен бекемделет.

Экинчи өзгөчөлүгү: Ибадаттын мааниси төмөнкүдө камтылган: Кудайдын алдында туруп өзүңдүн кемчилигиңди, бейкаруулугуңду жана кедейлигиңди түшүнүп, Аллахтын калетсиздигинин, Эч нерсеге муктаж болбогон Кудайдын кудуретинин, мээримдүүлүгүнүн алдында таң калуу жана сүйүү менен сежде жасоо (бешенени жерге тийгизүү), б.а. Рубубияттын башкаруусу ибадат кылууну жана табынууну талап кылгандай элес, Анын ыйыктыгы жана кемчиликсиздиги да, Кудайдын кулу өзүнүн керт башындагы каталарды жана кемчиликтерди көрүү менен лук Кудайдан күнөөлөрүн кечирүүсүн сурап, тасбих жана **«Субханаллах»** ыйык сөзү менен Кудай таза, ыйык жана бардык кемчиликтерден, адашкан адамдардын жалган, маанисиз ой-пикирлеринен, дүйнөнүн бардык жетишпестиктеринен, айыптардан аруу экенин жарыялоону талап кылат. Муну менен бирге Рубубияттын чексиз кудуреттүүлүгү, Кудайдын кулу өзүнүн чабалдыгын, ошондой эле бардык макулуктардын алсыздыгын түшүнүп, Эч нерсеге муктаж болбогон Кудайдын Кдуретинин улуу аяндарынын алдында таңыркоо жана тамшануу менен **«Аллаху Акбар»** деп табынуу менен руку жасап, Анын жардамына кайрылып, Ага тобокел кулууну талап кылат. Рубубияттын мээриминин чексиз ка-

зынасы, анын ибадат кылуучу кулу, өзүнүн жана бардык макулуктардын муктаждыгын тиленүү жана дуа тили менен билдирүүсүн, Кудайынын мээрими жана жакшылыктары жөнүндө шүкүрчүлүк жана алкыш-мактоо менен, ошондой эле **«Альхамдулиллах»** ыйык сөзү менен жарыялашын талап кылат. Демек, намаз убагында аткарылган кыймыл – аракет, айтылуучу ыйык сөздөр жана окулган дуалар өзүндө бул маанилерди камтыйт, ошондуктан Улук Кудай тарабынан орнотулган.

үчүнчү өзгөчөлүк: Адам бул залкар ааламдын кичирейтилген мисалы, ал эми касиеттүү **«Фатиха»** сүрөсү Улуу Курандын жарык мисалы болгон сымал, намаз да өзүнө ибадаттын ар кыл түрүн камтыган кандайдыр бир нурдуу мазмуну, жана бүт макулуктардын ар түркүн ибадаттарын көргөзүп турган ыйык схемасы болот.

Төртүнчү өзгөчөлүк: Апталык сааттын секундаларын, минуталарын саат жана күндөрүн эсептеген жебелери бири бирнен көз каранды жана бир бирини мисалдары болуп, бири биринин орундарын ээлеген сымал Улук Аллахтын улуу сааты болгон биздин ааламдын секундаларын эсептеген күндөрдүн жана түндөрдүн алмашуусу, жана бул сааттын минуталарын эсептеген жылдар; саатты көргөзгөн адам өмүрүнүн мөөнөтү; күндөрдү эсептөөчү аалам жашоосундагы доор бири биринен көз каранды болуп, бири бирине мисал болуп, бири биринин ордун ээлеп, бири бирин эскертип турушат. Мисалы,

1. Фажр убактысы: (таң агарып, күн чыга элек мезгил), жаздын башталышына жана адамдын энесинин курсагына түшкөн көз ирмемге, асман менен жердин алты күндө жаратылуусундагы биринчи күнгө окшойт, жана ушулар менен Кудайдын жасаган иштерин эскертет.

2. Зухр убактысы: (түш мезгили) жайдын ортосун, толуп турган жаш кезди, адамдын жаралганындагы аалам

жашоосунун доорун көрсөтүп турат. Кудайдын мээримидеңринин ачыкталуусун жана Кудайдын берекелеринин молдугун эске салат.

3. Аср убагы: (күндүн күн батканга чейинки экинчи жарымы) күз (САВ мезгилине, карылыктын келишине жана акыркы Пайгамбарыбыздын (САВ) Аср Саадатына окшоп, Кудайдын жасаган иштерин жана алардагы мээримдүүлүктү эскертет.

4. Магриб убагы: (күн баткандагы мезгил) күндүн аягында көпчүлүк маклуктардын жок болуп кетишин, адамдын өлүмүн жана дүйнө өзүнүн соңуна чыгуусунун алдындагы кыйроону эскертүү менен Кудайдын Кудуретинин жана Улуулугунун айкындалышынын билдирип, адамды бейкамдык түшүнөн ойготуп, ага кам көрүп сактайт.

5. Иша убагы: (түн кирген мезгил) караңгылык ааламынын кара кепини менен бардык күндүзгү тиричиликтин макулуктарын жамынтуусу жөнүндө; кыш мезгилинин ак кепини менен жансыз жердин бетин кучакка алуусун; о дүйнөгө кеткен адамдын акыркы издерин унуткаруу пардасынын мунарыгына кирип жашыруусун; жана сыноосун сахнасы болгон бул опасыз дүйнөнүн толугу менен өчүшүн адамга эскертүү менен Каардуу Кудайдын улуу буйругу жөнүндө жарыялайт.

Түнкү убакыт болсо, кыш, кабыр, Берзах дүйнөсү тууралуу маалыматтап, канчалык деңгеэлде адамдын жаны Ырайымдуу Кудайдын мээримине муктаж экендигин эскертет.

Ал эми түнкү убактагы тахажуд болсо, кабыр караңгылыгында жана Берзах мунарыгында ал канчалык керектүү жарык экенин адамга билдирип эскертет. Ушул бардык өзгөрүүлөрдүн ичинде Улук Чыныгы Береке Берүүчүнүн чексиз жакшылыктарын эскертүү менен Ал канчалык деңгеэлде шүкүргө жана алкыш – мактоого татыктуу экенин жарыялайт.

Экинчи таң аткан убакыт хашир таңынын жана Кайра тирилүү күнүн эске салат. Ооба, бул күндөн кийин таңдын келиши жана бул кыштан кийин жаздын келиши канчалык айкын, керектүү жана талашсыз болсо, хашир таңынын жана Берзах жазынын болору ошончлоук анык.

Демек, беш маал намаздын ар бири маанилүү өзгөрүүлөрдүн (бир абадан башка абалга өтүүнүн) башында туруп, улуу өзгөрүүлөрдү (башка бир формага өтүүнү) эскерткен сыңары, ошондой эле эч нерсеге муктаж болбогон Кудайдын Кудуретинин күнүмдүк зор буйруктарынын белгилери менен жылдык, кылымдык, доордук кудуретинин кереметтерин жана мээриминин белектерин эскертет.

Демек, адамдын негизги табигый вазипасы, ибадаттын негизги жана милдет болгон парз намаз, бул мезгилдерде ылайыктуу жана максаттуу.

Бешинчи өзгөчөлүк. Адам өзүнүн табияты боюнча алсыз. Ошондой болуп туруп, аны ызаланткан жана кайгыртканкөп нерселер бар. Анын үстүндө, ал өтө эле бейкаруу, күчсүз. Ошондой болуп туруп, балакеттер жана душмандар анда абдан арбын. Анын үстүнө ал жалкоо жана мажирөө-алсыз. Ошондой болуп туруп, жашоонун түйшүгү өтө оор. Анын үстүнө пендечилик аны бүт дүйнө менен байланыштырды. Ошондой болуп туруп, жакшы көргөн, ага жакын болгон бир нерсесин же кимдир бирөөнү жоготуу жана айрылуу анын көңүлүн ар дайым оорутат, ыза кылат. Анын үстүнө, акыл-эси ага бийик максаттарды жана түбөлүк жемиштерди көрсөтүп турат. Ошондой болуп туруп, анын колдору кыска, өмүрү кыска, күчү аз, чыдамы да аз. Адамдын руху мына ушундай абалда, таң алдында (фажр) Айбаттуу Кудуретүүнүн жана Ырайымдуунун жанына жалынуу жана намаз менен кайрылып, Анын жардамын жана колдоосун суроо, күндүзгү убакта адамдын мойнуна жүктөлө турган түйшүктөргө, келерки милдеттерге чыдоо үчүн канчалык керектүү таяныч болору айдан ачык түшүнүктүү.

Зухр (түш) – бул күндүн отро чени, жана анын кечки маалга ооп, күндүзгү жумуштар өзүнүн күчүнө кирип турган кези, жумуш запкысынан, түйшүктөрүнөн бир аз тыныгуу убагы, убактылуу жана мүшкүл иштерди пайда кылуучу бул өтмө дүйнөдө кайдыгерликтен, боштуктан жандын эс алууга муктаждыгынын убагы, ошондой эле Кудай рахматынын, мээриминин ачылыш убагы. Мына ушинтип, бул убакта тиги кыйноодон бошонуп, тиги руханий бейгамдыктан кутулуп, маанисиз жана чириген нерселерден алыстап, өзгөрүүсүз Түбөлүктүү болгон Чыныгы ырыскы, береке Берүүчүнүн алдында кол байлап туруп, анын бардык берекеси үчүн шүгүрчүлүк менен алкыш матоолорду айтып, жардам сурап, Анын Кудуретинин алдында руку менен өзүндүн алсыздыгынды билдирип, Анын теңдеши жок Кемчиликсиздигинин жана окшошу жок Жамалынын, Сулуулугунун алдында сажда менен өзүндүн тамшанууңду, сүйүүңдү жана кичипейлдүүлүгүңдү жарыялоо – мунун баары, бул убакта Зухр Бешим намазынын аткарууну билдирет. Сен, арийне, бул канчалык жагымдуу, пайдалуу жана керектүү экенин түшүнөсүң.

Аср убагы – бул убакыт күздүн муңайынкы маалын, карылыктын жыргалсыз ахвалын жана дүйнөнүн соңуна чыгышынын, акырзамандын кейиштүү мезгилине окшоп, аны эстетип турат. Бул күндүзгү жумуштадын аякташынын убагы, ушул күндө Кудайдын рахматтары болгон ден-соолуктун, жакшы иштердин жыйынтыктарына жетишүүсүнүн убагы, жана эбегейсиз залкар күндүн батып баратканы боюнча, адам жиберилген мейман, жана бул дүйнөдө бардыгы убактылуу, өтүүчү, туруксуз экенин жарыялоо убагы. Түбөлүктүүлүктү самаган, түбөлүктүүлүк үчүн жаратылган, жакшылыктарды өтө катуу сүйгөн жана айрылуудан кыйналган адамдын руху мына ушул аср убагында даарат алып, асыр намазын окуу үчүн Кадим-и Бакиянын жана Кайюм-у Сармадиянын жайына дуа кылып жаблабрып, түбөлүк, чек-

сиз ырайымдуулугунан жардам сурап, Анын Рубубиятынын урматынын алдында руку кылып, жана Анын Сармадият Улухиятынын алдында табынуу менен сежде кылып, жүрөк жубатып, рух жыргалын таап, Анын улуктугунун алдында ибадат кылууга даяр болуу – Аср намазын окууну билдирет. Адам чыныгы адам болсо, бул канчалык улук, максаттуу милдет, канчалык татыктуу, ыңгайлуу кызмат, ошондой эле ушунчалык ылайык келген табигый карызды өз убагында төлөө жана бактылуулукка жетишүү экенин албетте түшүнөт.

Магриб убагы – кыштын келишине байланыштуу жай менен күз мезгилинин (ааламынын) эң сонун кереметүү макулуктарынын кайгылуу коштошуусу менен жок болуп кеткен мезгилин эскертет. Адам өзүнүн ажалынын келиши менен кейиштүү айрылууда өзүнүн бардык сүйүктүүлөрү менен коштошуп, кабырга кетүү убагын эске салат. Бул дүйнөнүн бүтүшүнүн ачуулугу ичинде анын жашоочулары о дүйнөлөргө өтүп, бул сыноо майданынын чырагы өчүп калган убакытка окшошуп, аны эскертет. Дагы да, безди таштап жок болуп кетүүчү сүйүктүүлөрү менен катуу байланышкандарга сак болууну эскерткен убакыт. Ошентип Шам намазын ушул убакта аткаруу үчүн, өзүнүн табияты боюнча бир Жамал-и Бакини дегдеген күзгүсү болгон адамдын руху (б.а. Кудайдын аттарын чагылдырууну дегдеп турган күзгү) бардык, аябаган чоң иштерди орноткон жана эбегейсиз зор ааламдарды башкарып жана аларды өзгөрткөн Кадми-и Лемеьезалдын жана Баки-Ляезалдын улуу тактысына кайрылып, бүтүндөй ажалдуулардын үстүнөн «Аллаху Акбар» деп, бардык опасыздан алыстап, Аллахка кызмат кылуу үчүн ызат-урмат менен Даим-и Бакинин алдында кыямга туруп «Альхамдулиллах» сөзү менен Анын Калетсиздигин, кайталангыс Жамалынын, Сулуулугунун жана чексиз Рахматынын алдында Аны алкыштап жана шүгүр кылып: إِيَّاكَ نَعْبُدُ وَإِيَّاكَ نَسْتَعِينُ деп айтып, жардам сурап; жардамчыларга

муктаж болгон Анын Рубубиятынын, шериги жок Улухиятынын жан ажардамчысы жок Падышачылыгынын алдында ибадатын тартуулап, таазимин көргөзүп, Анын чексиз Улуулугунун, чексиз Кудретинин, жана ар нерседен бийиктигинин алдынна руку жасап, бардык нерселер менен бирге өзүнүн алсыздыгын жана бейкаруулугун, кедейлигин жана кемдигин туюнта: سُبْحَانَ رَبِّيَ الْعَظِيمِ деп айтып, өзүнүн Улуу Кудайын улуктап, Анын өчпөс Сулуулугунун, Анын өзгөрбөс ыйык сапаттарынын, бүтпөс туруктуулугунун Калетсиздигинин алдында сажда кылып, таңыркоо менен бүтүндөй жер жашоосунан жана ага байланыштуу ойлордон алыстап, Улук Аллаха өзүңдүн сүйүүңдү жана багынууңду жарыялап, бардык опасыздын, чиригендин ордуна бир Жамил-и Бакиге бир Рахим-и *Сармадияга* ээ болуп: سُبْحَانَ رَبِّيَ الْأَعْلَى

деп, өлбөс, кемчиликтерден аруу болгон Улуу тарбиячысын ыйык тутуп андан кийин отуруп, ташаххуд жасап, өзүңдүн атыңдан бардык макулуктардын берекелүү, жакшы саламдарын жана салаваттарын Жамил-и Лемьезалга жана Жамил-и Ляезалга айтып; жана Анын Ураматтуу Пайгамбары Расул-и Акрамга саламыңды айтып, өзүңдүн берилгендигиң жөнүндө ант-убадаңды жаңылатып, анын буйруктарына багынууңду, таазиминди билдирип; өз ыйманын жаңылатуу менен нурландыруу үчүн бул аалам сарайынын акылмандуу тартибине көз салып, Сани-и Зулжалялдын бирлигин күбөлөндүрүү... жана Рубубият Башкаруусунун жарчысы, Аалмдын Улуу Китеби болгон Курандын аяттарынын акыйкатын баяндоочусу болгон Мухаммаддын (с.а.в.) пайгамбардыгын күбөлөндүрүү – кечки шам намазын аткарууну билдирет. Бул милдет канчалык назик, таза, кылдат милдет экенин, канчалык улуу, таттуу кызмат, жагымдуу, сонун ибадат экенин, канчалык олуттуу акыйкат, ошондой эле бул убактылуу, опасыз, өтүүчү дүйнө мейманканасында түбөлүккө сакталуучу сүйлөшүү жана түбөлүк бактылуулук экенин чыныгы адам калетсиз түшүнөт!

Иша убагы – горизонттун үстүндө калган күндүн акыркы издеринин жоголушу менен жерди түн каптаган убакыт. مُقَلِّبُ الَّيْلِ وَالنَّهَارِ болгон Кадир-и Зулжалял тиги ак баракты бул кара баракка которушундагы өзүнүн буйругу менен жайында боелгон жашыл барагын кышкы, муздак ак барагына которууда مُسَخِّرُ الشَّمْسِ وَالْقَمَرِ болгон хаким-и Зулкемалдын жасаган иштерин эскертет. Убакыттын өтүшү менен маркумдардын бул дүйнөдө калган акыркы издеринин башка дүйнөгө которулушунда «өлүм жана өмүрдү Жараткандын» жасаган иштерин эске салат.

Ошондой эле бул тар, опасыз дүйнө акырына чейин орой болуп, улуу ажал алдындагы масыгы менен өлүп, кең, түбөлүк, өтө чоң тиги дүйнөнүн – Акырет ааламынын башталуусунда «Жер жана Асманды Жараткандын» Жамалынын, Сулуулугунун чагылуусун жана айбаттуу, кудуреттүү буйруктарын эске салган мезгил.

Ааламдын чыныгы Малиги жана Кожоюну, ошондой эле чыныгы Мабуду жана Махбубу гана күн менен түндү, кыш менен жайды, бул жана тиги дүйнөнү кандайдыр бир китептин барактарын жеңил алмаштырган сыяктуу өзгөртүп, түзүп, бузуп алмаштыра алат – бул, ушунун бардыгынын үстүнөн бир Чексиз Кудуретүү башкарып тургандыгын далилдеп турган абал болуп эсептелет.

Ошентип, чексиз келечектин караңгылыгына сүңгүп кирген жана бейесеп окуялардын толкунунда сүзгөн адамдын руху өтө алсыз, бейкаруу жана өтө кедей жана муктаж болуп саналып, куптан намазын иша убагын да аткаруу үчүн Ибрахим шекилдүү: لَآ أُحِبُّ الْآفِلِينَ деп Мабуд-у Лемьезалдын жана Махбуб-у Лязалдын жайына намаз менен кайрылып, жардам суроо; жан абул өтүүчү ааламда жана ажалдуу өмүрдө, бул караңгылык дүйнөдө жана караңгылык келечекте, түбөлүктүүлүккө караган кичине сүйлөшүүдө Баки-и Сармадиге жалбаруу, түбөлүктүүлүккө караган бир нече минуталык өмүр ичинде анын дүйнөсүн нур менен себелеп,

анын келечегин жарык кылат, өзүнүн сүйүктүүлөрү, жакын достору менен айрылуудан жана аларды жоготуудан пайда болгон руханий жараларды сүрткөн дарыны; Боорукер Ырайымдуунун мээримдүү көз салуусун жан аакыйкат жолуна багыттаган нурун көрүп каалайт... жана аны убактылуу унутуп, жашынып калган дүйнөнү ал дагы унутуп, Рахманынын жайынын алдында өксүнөн жүрөк ыйы менен өзүнүн кайгы жан амунун төгүп... жана, кокустан бир нерсе болуп кетпесин дегенсип, өлүмгө окшогон уйкуга киргенден мурда, өзүнүн акыркы ибадат-милдетин аткарып, жана күнүмдүк амал китебин жакшы натыйжа менен аякто үчүн намазга кыямга туруу б.а. сага сүйүктүү болгон бардык ажалдуулардын ордуна бир Мабуд-у жана Махбуб-у Бакинин алдына турууну... жана сени чөгөлөткөн бардык алсыз макулуктардын ордуна бир Кадир-и Кермидин алдына; бүтүн сени коркутуп титиреткен зыяндуу нерселердин жамандыгынан кутулуу үчүн бир хафиз-и Рахимдин алдына турууну **«Фатиха»** сүрөөсүн баштоо – бул байкуш макулуктарга пайдасыз, орунсуз, туура эмес мактоо менен ыраазычылыктарды билдирүүнүн ордуна Кямил-и Мутлак жана Ганийй-и Мутлак, рахим жана Керим болгон Рабб-уль-алеминдин алкыштап даңазалоо; إِيَّاكَ نَعْبُدُ кайрылуусуна көтөрүлүү б.а. бул адамдын кичинелигине, жана жалгыздыгына карабастан, Түбөлүктүүлүктүн Султаны болгон Малик-и Яумиддинге өзүнүн байланыш-алакасы менен бул дүйнөдө ардактуу коноктун жана беделдүү кызматчынын кадырлуу ордун ээлеп, إِيَّاكَ نَعْبُدُ وَإِيَّاكَ نَسْتَعِينُ деп, аламдын улуу жамааты болгон бардык макулуктардын атынан алардын ибадатын жана жардамды сураган тилектерин Ага жеткирүү... жана اِهْدِنَا الصِّرَاطَ الْمُسْتَقِيمَ деп, бизди келечек караңгылыгы аркылуу түбөлүк бактылуулукка жетелеген нурдуу Сираты Мустаким Акыйкат Жолуна багыттону сурап... жана, азыр убактылуу өлгөн өсүмдүктөр жана айбанаттар, ошондой эле жашырынып көздөн кайым болгон

күндөр, жана нур чачкан жылдыздар жоокерлер сыяктуу Анын буйруктарына баш ийип жана бул ааламдын мейманканасында Кудуреттүүнүн чырагы жан акзыматчылары болуп саналышып; Анын Айбаттуу Улуулугу жөнүндө ой жүгүртүп **«Аллаху Акбар»** деп, руку кылуу... Бүт маклуктардын улуу сеждесин ойлоп, бул түндө жаткан макулуктар сыяктуу ар бир жылы, ар бир доордо бүт жаратылгандардын ар кандай түрлөрү, жадагалса жер дагы, аалам дагы, кандайдыр бир тартиптүү аскер күчтөрү, кандайдыр бир баш ийген жоокер сыяктуу жашоодогу өзүнүн милдетинен كُنْ فَيَكُونُ **«Кун фэекун»** буйругу менен бошонуп б.а. качан алар жашырылган Алем-и Гаиб ааламына баратып, эң жогорку даражадагы тартип менен бул дүйнөдөн кетүүдө өлүм жайнамазында **«Аллаху Акбар»** деп сажда кылгандары.. жана кайрадан жазында كُنْ فَيَكُونُ **«Кун фэекун»** буйругунан кандайдыр бир тирилтүүчү жана эскертүүчү үн менен бир бөлүгү өзүнүн Кудайынын алдында кыямга турушат; ошентип бул адам да аларды туурап, тиги Рахман-ы Зулемалдын, тиги Рахим-и Зулжамадын жайынын алдында туруп, тамшануу сүйүүсү менен түбөлүккө жетелеген баш ийүүдө, жана ызат-урматык кылып өзүн ардактуу кемсинтүүдө «**Аллаху Акбар»** деп сажда жасоо б.а. кандайдыр бир түрдө Миражга көтөрүлүүнү билдирген Иша (куптан) намазын аткаруу – сен, арийне, бул канчалык жагымдуу, сонун, ширин жана ошондой эле улуу, таттуу, акылга сыйган, ыңгайлуу милдет, кызмат, ибадат, олуттуу акыйкат болуп саналарын түшүндүң...

Демек, беш убакыт намазыдн ар бири улуу өзгөрүүлөрдүн жана трансформациялардын (бир абалдан башка абалга айланышынын) аяны, Кудайдын зор жасоолорунун кандайдыр бир жышааны жана Улук Аллахтын бүткүл рахматынын жөрөлгөсү болгондугунан, милдет болгон парз намазды берилген убактарда орнотулганы чексиз кеменгердик болуп саналат...

سُبْحَانَكَ لَا عِلْمَ لَنَا إِلَّا مَا عَلَّمْتَنَا إِنَّكَ أَنْتَ الْعَلِيمُ الْحَكِيمُ

اَللّٰهُمَّ صَلِّ وَسَلِّمْ عَلٰى مَنْ اَرْسَلْتَهُ مُعَلِّمًا لِعِبَادِكَ لِيُعَلِّمَهُمْ كَيْفِيَّةَ مَعْرِفَتِكَ
وَالْعُبُوْدِيَّةَ لَكَ وَمُعَرِّفًا لِكُنُوْزِ اَسْمَآئِكَ وَتَرْجُمَانًا لِاٰيَاتِ كِتَابِ
كَآئِنَاتِكَ وَمِرْآتًا بِعُبُوْدِيَّتِهٖ لِجَمَالِ رُبُوْبِيَّتِكَ وَعَلٰى اٰلِهٖ وَصَحْبِهٖ اَجْمَعِيْنَ
وَارْحَمْنَا وَارْحَمِ الْمُؤْمِنِيْنَ وَالْمُؤْمِنَاتِ اٰمِيْنَ بِرَحْمَتِكَ يَا اَرْحَمَ الرَّاحِمِيْنَ

ЖЫЙЫРМА БИРИНЧИ СӨЗ

بِسْمِ اللَّهِ الرَّحْمَنِ الرَّحِيمِ

إِنَّ الصَّلَاةَ كَانَتْ عَلَى الْمُؤْمِنِينَ كِتَابًا مَوْقُوتًا

Күндөрдүн биринде бир улгайып калган, беделдүү адам мага мындай деди: «Намаз жакшы, бирок аны күн сайын беш жолудан аткаруу көптүк кылат го. Өзүнүн бүтпөстүгү менен тажатып коет».

Тигил адамдын бул сөздөрүн бир топ убакыт өткөндөн кийин, мен өзүмдүн напсиме кулак салыдм, ал тигил эле сөздөрдү айтып жатты. Көңүл бурсам, ал өзүнүн жалкоолук кулагы менен ошол эле сабактарды шайтандан алып жатканын көрдүм. Ошондо мен: тиги адам мындай сөздөрдү бардык напс аммаренин буйруктарынын атынан сүйлөгөнүн, же алар менен атууга мажбурлагандай болгонун түшүндүм. Ошол замат мен мындай деп айттым: «Менин напсим менин башкаруучум болгондон кийин, ким анын тизгинин тартып, оңдобосо, башкаларды оңдой албайт, демек мен өзүмдөн баштаймын».

Мен: «Эй напси. Сенин толук наадандыкта, жалкоолук төшөгүндө, камырабастык шалакалык уйкуда айтылган бул сөздөрүңө жооп катарында бул «Беш эскертүүнү» менден ук» - деп айттым.

Биринчи эскертүү: Эй менин бактысыз напсим. Ырас эле сенин өмүрүң түбөлүктүүбү? Кийинки жылга чейин, же болбосо эртеңкиге дейре жашайм деген бекем келишимиң бар

беле? Бул дүйнөнү түбөлүк кылып көрсөткөн ойлор сени тажатып зериктирип жатат. Бул дүйнөдө түбөлүк калчуудай болуп, жыргалдар жана кежирликтер үчүн кылыксынып, ыгы жок сыпайылык кыласың. Эгерде сен өмүрүңдүн кыска жана бош өтүп жатканын түшүнсөң, арийне, анын жыйырма төртүнүн бири бөлүгүн чыныгы, түбөлүк жашоонун бакытына жетүүнүн чарасы болгон сонун, жеңил, жагымдуу, ыңгайлуу кызматка берүү тажатпоону гана эмес, намаз аткарууга чыныгы каалоонун жана жагымдуу жыргалдын ойгонуусунун себеби болот.

Экинчи эскертүү: Эй менин соргок, кардын гана ойлогон напсим! Мунун билүү кызык болор эле: күн сайын сен нан жейсиң, суу ичесиң, аба менен дем аласың – сени алар тажатпайбы? Андай эмес болсо, иш мындай, муктаждыктын кайрадан пайда болушунун натыйжасында, сен алардан тажабайсың, тескерисинче, рахат аласың, анда эмесе менин денемдин имаратындагы сенин досторуң болуп саналган менин жүрөгүмдүн тамагын, менин рухумдун мүрөк суусун, адамдагы Кудай жараткан өтө назик сезмидердин жеңил, жагымдуу абасын өзүнө тартып сиңирген намаз, сени тажатпашы керек. Ооба, сансыз кайгыга, капалыкка жана руханий ооруга чалдыгып жапа чеккен, бейесеп умтулуулар менен лаззаттарга кызыккан жана аларды каалаган жүрөктүн азыгы жана күч-кубаты бир Жоомарт Ырайымдуунун каалгасын такылдатып чертип, тиленүү менен табылышы мүмкүн. Ооба, бул өтүүчү дүйнөдө ажырашуунун ый-муңдарына тездик менен такай жолугушуп турган жана көптөгөн макулуктар менен байланышта болгон рухтун мүрөк суусу бүт дүнүйөнүн ордуна, бир Мабуд-у Бакиянын, бир Махбуб-у Сармадиянын мээриминин булагына намаз менен кайрылып, суусунун кандырат. Ооба, табияты түбөлүктүүлүктү каалаган жана ошол үчүн жаратылган, башаты жана акыр-аягы жок Түбөлүктүү бир Заттын күзгүсү болгон акылдуу инсандык сыр, Кудай жараткан нурдуу назик сезим бул тынчсыз, эзүүчү, басмыр-

лоочу, өтүүчү жана деминди кыскан дүйнө ичинде, албетте, эс алууга аябай муктаж. Жан анамаз терезелеринин жардамы менен тыныга алат.

Үчүнчү эскертүү: Эй менин сабырсыз напсим! Эгерде сен бүгүн, өткөн күндөрдөгү ибадаттын машакаттары, намаздын түйшүктөрү, жана ошондой эле өткөн күндөрдүн кыйынчылыктарынын оордугу тууралуу ойлонуп, кыйналып, жапа чексең; ошондой эле келерки күндөрдөгү ибадаттын жана намаздын милеттери, түйшүктөрдүн азабы жөнүндө ойлонуп сабырсыздык кылсаң эстүүлүк болобу? Мынадй чыдамсыздыкта сенин мисалың байкабас-жүдөө аскер башчысына окшош: душамандын оң катарындагы күчтөрү анын оң тарабындагы катарда турган күчтөргө кошулуп, ал үчүн жаңы күч болуп калса, ага карабастан өзүнүн маанилүү күчтөрүн оң катардагы күчкө жиберип, ортоңку катарды алсыз калтырат. Мындан сырткары, сол тарапта душмандын аскер күчтөрү алигиче жок кезде ал жерге маанилүү күчтөрүн жиберип: «Аткыла!» - деп буйрук берет да өзүнүн ортосун такыр күчсүз калтырат. Душман иштин жайын дароо түшүнүп, ортосуна кол салып аны ойрон кылат. Ооба, сен бул аскер башчысына окшойсуң. Анын жөнү мындай, өткөн күндөрдүн түйшүгү жан амашакаттары бүкүнкү күн Кудайдын мээримине айланды. Алардын күйүт – кайгысы кетти, жыргалы калды. Алардын кыйынчылыгы тажрыйбалуулукка, чеберликке ыкташты, ал эми түйшүктөрү сыйлыкка айланды. Демек, намаздан чарчап-чалыкпоо гана эмес, тескерисинче, жаңы үмүткө ээ болуу, жаңы лаззат-жыргал алуу жана аны улантуу үчүн олуттуу көңүлдөнүү зарыл. Ал эми келерки күндөр али келелек. Азыр алар жөнүндө ойлоп зеригүү, тажоо, тырышчаактыгын, ынтаасын жоготуу – бул кудум эле алар жана алардын ачкачылыгы, суугу жөнүндө ойлоп, боздоп ыйло сыяктуу акылсыздык. Андыктан чындык мындай, эгерде сен акылдуу болсоң, намаз жан аибадат жагдайында бүгүнкү күндү гана ойло жана: «Мен анын

бир саатын сылыгы чоң, түйшүгү аз, жагымдуу, эң жакшы жана ыйык кызматка берип жатам» - деп айт. Ошондо сенин көңүлсүз маанайың жагымдуу мээнетке айланат.

Ошентип, эй менин сабырсыз напсим! Сен үч учуда чыдашың керек:

Биринчи: Улук Аллахка баш ийүүдөгү сабырдыгың.

Экинчи: Күнөөлөрдү жасабоодогу сабырдыгың.

Үчүнчү: Башыңа оор түйшүк түшкөндөгү сабырдыгың.

Эгер сен акыл-эстүү болсоң, «үчүнчү эскертүүдө» берилген мисалда чагылдырылган акыйкатты эреже иретнде алып, кайраттулук менен айт: «Йа Сабур! (Кудай чыдамдуулукту бер.)» Ушул үч сабырдуулукту өзүңдүн ийинңе асып ал. Эгерде сен Аллах берген сабырдуулуктун күчүн туура эмес жолго сарптабасаң, анда ал сага каалаган түйшүктө, каалаган кыйынчылыкта, ар кыл балээде жетиштүү болот. Бул күкчө таян жан аанын жардамы менен ар кайсы кыйынчылктарга туруштук бер...

Төртүнчү эскертүү: Эй менин байкабас напсим! Кантип эле Улук Аллахка кызмат жана ибадат кылуу милдети натыйжасыз болсун? Аны аткаруунун сообу ушунчалык аз болгодуктан сени тажатып, зеригүүнү пайда кылып жатабы? Бирок, эгерде бир адам сага бир нече акча берсе, же болбосо коркутса, сени эртеден кечке чейин иштөөгө аргасыз кылат жана сен чарчабастан эмгектенесиң. Бул дүйнө мейманканасында сенин алсыз, чабал жана жакыр жүрөгүң үчүн азык жана күч-кубат, сенин тыныгуу жериң болгон кабырыңда азыгың жана жарыгың, алибетте, сенин сурагың болгон Махшерде таянычың жан аактоочу күбөлүгүң, каалайсыңбы каалабайсыңбы Сират көпүрөсүнөн өтүүдө сенин жарк нуруң жана Бурагың болгон намаз натыйжасыз болобу? Же ал сооп алууга татыбайбы?

Эгерде бир адам сага 100 сомдук сыйлык берем деп убада берсе, ал сага 100 кун өзүнө иштөөгө мажбур кылат. Ал айткан сөзүнө турбоосу да мүмкүн, бирок сен ага ишенип,

көңүлдөнүү менен иштейсиң. Кызык, эгерде убадасынын аткарылбашы сандырак болуп саналган Бир Зат сага Бейиштей сыйлыкты жана түбөлүк бактылуулук сыйлыгын убада кылса; жана өтө аз бир убакытка пайдалуу кызмат өтөөнү буюрса, ал эми сен Ага кызмат кылабй, көңүлсүз туткун свяктуу же болбосо зеригүү менен кызматыңды эптеп-септеп жасап, Анын убадасын жактырбасаң, Анын сыйлыктарын тооптосоң, өтө катуу жазага жана коркунучтуу кыйноолорго татыктуу болоруңду сен ойлобойсуңбу? Бул дүйнөдө түрмөгө камалуудан коркуп, сен эң оор жумуштарда чаалыкпастан иштейсиң, ал эми Тозоктой зынданда түбөлүк камалуу коркунучу, кудайдын ыраазычылыгы үчүн эң жеңил жан ажагымдуу кызмат кылууга сага күч бербей жатабы?

Бешинчи эскертүү: Дүйнө жакшылыктарын сүйгөн жана дүйнө жыргалына берилген менин напсим! Кызык, сенин ибадатыңдагы кайдыгерлик жана үмүтсүздүк нааздагы кемчиликтер арбын дүйнө иштериненби? Же болбосо? Жердеги жашоо камкордуктары үчүн түйшүктөнүп, убакыт таба албай жатасыңбы? Бүт өзүңдүн убактыңды ага бергидей сен жердеги жашоо үчүн гана жаралдыңбы? Жөндөмдүүлүк жагынан сен бүткүл айбандар дүйнөсүнүн үстүндө турарыңды, бирок жер жашоосунда өзүңө керектүү нерсени алууда, күч жана мүмкүнчүлүк жагдайында сен кайсы бир таранчынын деңгээлине жете албастыгыңды билесиң. Мына ушундан, негизги милдетиң айбандай жүрүш эмес, арийне, чыныгы адам катары чыныгы түбөлүк жашоо үчүн эмгектенүү экенин эмне үчүн түшүнбөй жатасың. Муну менен бирге, сен дүйнө иштери жана жашоо камкордуктары деп атып жатканың – булар, сен өтө кийлигишкен жана алар менен артыкча алектенген сага тиешеси жок, куру бекер иштер. Эң керектүү, калтырылбас иштерди калтырып, миң жыл өмүрүң бар болгонсуп, эң керексиз, маанисиз маалыматтар менен убактыңды өткөрүүдөсүң. Мисалы, «Сатурндун

айланасындагы тегерек шакектердин абалы кандай?» же «Американын тооктору кандай?» сыяктуу керексиз, пайдасыз нерселер менен алтындай болгон убактыңды өткөзүүдөсүң. Космография жана статистиканы билүүдөн сен балуу бир нерсени алчудай болосуң!

Эгерде сен: «Мага намазды аткарганга жана ибадат кылганга жолтоо болгон жаа зериктиген нерселер – бул керексиз нерселер эмес эле, жашоого керектүү каражаттарды табуу үчүн аргасыз кам көрүүлөр» - деп атасың, анда мен сага минтип жооп берем; Эгерде сенин күндүзгү тапкан эмгек акын 100 тыйын болсо, анан сага кимдир бирөө келип: «Кел бул жерди он мүнөттөй каз, жүз сомдун баасындагы каухар жана зымырыт табасыңа - деп айтса. Эгерде сен ага: «Жок, барбайм, себеби менин күнүмдүк тапкан эмгек акымдан он тыйын кемийт, менин жашоом үчүн керектүү каражаттарым азаят» - деп жооп берсең, анда алибетте, бул канчалык акылсыз шылтоо экенин түшүнөсүң. Ушул сыяктуу эле, сен өзүңдүн бакчаңда күнүмдүк нанга акча табуу үчүн эмгектенесиң. Эгерде сен милдетүү парз – намазыңды таштап, аткарбай койсоң бул дүйнөдө сенин бардык эмгектериңдин капиталы жердин маанисиз жана берекесиз жашоо каражаттары менен гана чектелет. Эгерде сен өзүңдүн эс алуу жана тыныгуу убактыңды жандын бейпилдигине жетүүнүн жана жүрөктү эс алдыруунун чарасы болгон намазга жумшасаң, анда берекелүү болгон бул дүйнөлүк эмгек акыңдан тышкары тиги дүйнөдөгү жашоо үчүн каражатыңдын жан аакыреттеги азыгыңдын маанилүү башаты боло турган, өзгөчө эки булакка ээ болосуң.

Биринчи булак: бакчаңда (Бул тема кайсы бир бакчадагы бир адамга сабак болгону үчүн ушундай түрдө баяндалган) бүтүн өстүрүлгөн – мейли гүл, мейли жемиштүү өсүмдүк болсун, ар бир өсүмдүктүн, ар бир бактын тасбихатынан жакшы, ак ниетинңдин жардамы менен сен алардын айрым бөлүгүн аласың.

Экинчи булак: андан тышкары, бул бакчадан чыккан жемишти ким гана жебесин- мейли жаныбар же адам болсун, мейли уй же чымын болсун, мейли сатып алуучу же ууру болсун – сага бул садака катарында өтөт. Бирок бакчанын Чыныгы Ырыскы берүүчүнүн атынан, Ал уруксат берген чекте башкрып, өзүңдү Анын байлыктарын Анын маклуктарынын ортосунда бөлүштүргөн кызматчы катарында карайсың деген шарт коюлган. Ошентип, намазды таштап, аны аткарбаган адам кандай зор жоготууларга чалдыкканына көңүл бур... Эмгекке абдан шыктандырган жана жумушка руханий көңүлдөнүүнү касыз кылган тиги эки натыйжалардан, тиги эки булактан айрылып, кандай зор байлыктан кур калып жакыр болот. Ал турсун, карыганда бак өстүрүүдөн тажап, андан чарчайт. «Мунун мгаа не кереги бар? – дейт ал. Мен ансыз деле бул дүйнөдөн кетип жатам. Мен эмнеге өзүмдү ушунчалык убара кылып жатам» - деп жалокоолукка берилет. Бирок биринчи адам: «өзүмдүн кабырыма дагы да арбын жарыкты жиберүү үчүн, жана Акыреттеги жашоом үчүн дагы азык-түлүктү даярдоо үчүн, Кудайга көбүрөөк ибадат кылуудан тышкары, Кудай мыйзамдары менен руксат берилген (халял) эмгекке умтулам» - дейт.

Жыйынтык: Эй напси! Билип кой: кечээки күн сенин колуңдан чыгып, түбөлүк кайтпас жакка кетти. Эртеңки күн болсо, сен аны ээлеп тургудай келишимиң колуңда жок. Демек кайсы күндө жашап жатасың, ошол күндү чыныгы деп бил. Эң эле аз дегенде күндүн бир саатын резерв фонду катары, чыныгы келечек үчүн камылга болгон, түбөлүк жашоонун кутучасы болгон каалаган мечитке же жайнамазга бер. Жана анын үстүнө, ар бир жаңы күндү өзүң үчүн жана ар ким үчүн кандайдыр бир жаңы ааламдын дарбазасы деп бил. Эгерде сен намазды аткарбасаң, анда ошол күнү сенин ааламың караңгылыкта жана башаламандыкта өтөт.

Мисал Дүйнөсүндө сага күбө болот. Анткени ар бир адамдын, ар бир күндө бул ааламдан кандайдыр бир өзгөчө, өзүнө гана таандык ааламы болот. Жана бул ааламдын абалы ошол адамдын жүрөгүнө, жасаган иштерине байланыштуу. Сенин күзгүндөн көрүнүп жаткан кандайдыр бир сонун имарат бул күзгүнүн түсүнө байланыштуу болот, эгерде анын түсү краа болсо, анда имарат кара болуп көрүнөт, эгерде кызыл болсо, кызыл болуп көрүнөт. Мындан тышкары, күзгүнүн сапатына байланыштуу болот. Эгерде күзгүнүн бети тегиз болсо, анда ал чоң имаратты кооз кылып көрсөтөт, эгерде анын бети кыйшык болсо, анда аны начар, одуракай кылып көрсөтөт. Ал эң назик, ичке нерселерди кыйшык көргөзгөн сыяктуу, сен да өзүңдүн жүрөгүң, акылың, кылган амалың жана көңүлүң менен өзүңдүн ааламыңдын түспөлүн өзгөртөсүң. Сен аны өз пайдаңа, же өзүнө каршы күбө кылууга аргасыз кыла аласың. Эгерде сен намазды аткарсаң жана ушул намаз менен бул ааламдын Айбаттуу Чебер Жаратуучусуна кайрылсаң, анда сага көз каранды болгон сенин ааламың, тез аранын ичинде эле жаркырап нурга бөлөнөт. Сенин намазың – бул кандайдыр бир электр лампасы, аны аткарайын деген ниетиң, анын күйгүзүү баскычын басуу сыңары бул ааламдын караңгылыгын жок кылат. Адепсиз, ыпластыкка толгон бүткүл дүйнөнүн баш – аламандуулугунда, чаташкан тартипсиздигинде болуп жаткан ар кыл процесстер жана өзгөрүүлөр акылмандуу тартип – Кудуретүүлүктүн көп маанилүү жазмалары экенин көргөзөт. Жана اَللّٰهُ نُورُ السَّمٰوَاتِ وَالْاَرْضِ бул нур чачкан Курандын аятынын бир нуру сенин жүрөгүңө чачырайт.

Бул нурдун чагылуусу менен ошол күндөгү сенин ааламыңды жарык кылат. Жана да нурлануусу менен аны сенин пайдаңа күбөлөндүрөт.

Байкагын жана төмөнкүдөй айтпагын «Менин намазым кайсы деңгээлде, жана бул намаздын акыйкаты, маңызы кайсы деңгээлде!» Анткени бир курманын данеги өзүнүн

багын бир курма багы сыяктуу сүрөттөйт. Бул жерде айырмасы мазмунунда жана кеңири түшүндүрмөсүндө болгон өңдүү, сенин жана менин намазым сыяктуу болгон кайсы бир жөнөкөй адамдын намазы, сезилбесе да, кайсы бир ыйык улуу олуянын намазы шекилдүү болот, себеби бул жарыктан бир нур, бул маңыздын кандайдыр бир жашыруун акыйкаты бар. Бирок ачыкталуусу жана нурдануусу даражаларына жараша ар кандай болот. Кандайдыр бир курманын данегинен баштап, өсүп – жетилген курма багына чейин канча өсүү баскычы бар болсо, ошол сыяктуу эле намаз даражаларында алар көбүрөөк болушу ыктымал. Бирок бул бардык баскычтарда Кудайдын нурдуу акыйкатынын маңызы бар.

اَللَّهُمَّ صَلِّ وَسَلِّمْ عَلَى مَنْ قَالَ
اَلصَّلٰوةُ عِمَادُ الدِّيْنِ وَعَلَى آلِهِ
وَصَحْبِهِ اَجْمَعِيْنَ

НАМАЗ

Исламдын беш шартынын биринчиси «Шахадат **Келмесин»** келтирүү, экничиси болсо **«Намаз»** окуу.

Адам баласынын алгачкы милдети Алланыны барлыгына жана жалгыздыгына, Азрети Мухаммад алейхиссалам-дын пайгамбарлыгына ишенүү. Ыймандан кийин парздардын эң эле маанилүүсү намаз болот.

Намаз рухту тазалаган, жүрөктү нурданткан, адам баласын Алланын жанына бийиктеткен бир ибадат. Сүйүктүү пайгамбарыбыз: «Намаз диндин тиреги» деп намаздын динибиздеги өтө маанилүү бир ибадат экенин билгизген. Намаз бизге дене жана рух тазалыгын берген бир нур. Муну менен мусулман күнөө кирлеринен тазаланат жана бейишке кирүүгө ылайыктуу бир кул болот.

Намаз – жүрөктөргө Алладан коркуусун туйгузуп, адам баласын күнөө жасоодон коргойт. Намазды туура окуган киши ыйманын күчтөндүрөт. Алланын ыраазычылыгын алат. Жаннаттын жарык жолу өзүнө ачылат. Мусулман киши намаз окууга жооптуу болгон сыяктуу, балдарын да намазга үйрөтүшү зарыл. Сүйүктүү пайгамбарыбыз мындай деген:

«Балдарыңарга жети жашка келгенде намаз окууну үйрөтүп, көндүргүлө».

Ата – энелер жети жашка келген балдарына намаз окууну үйрөтсө, бала жетилген куракка келгенче намазга көнүп калат.

НАМАЗ КИМДЕРГЕ ПАРЗ

Адам баласына намаздын парз болуусу үчүн үч шарт болушу керек:

1) Мусулман болуу

2) Жетилген куракка келүү.

3) Акылдуу болуу.

НАМАЗ УБАКЫТТАРЫ

Күнүнө беш маал намаз окулат. Булар: Багымдат, Бешим, Дигер (Асир), Шам, Куптан намаздары.

НАМАЗ ОКУУГА БОЛБОЙ ТУРГАН УБАКЫТТАР

Күндүн кээбир убактысында парз, важип жана напил намаздарынын эч кайсынысы окулбайт. Булар макүрөө убакыттар деп аталат. Бул үч убакыт:

1) Күн чыгып келе жаткан учурда.

2) Күн дал чокубузда болгон убакытта.

3) Күн батып бара жаткан учурда.

Эгер күндүн дигер намазынын парзы гана окулбаган болсо, күн баткан учурда да окулат.

НАМАЗДЫН ТҮРЛӨРҮ

Намаз негизги үч топко бөлүнөт:

1) Парз намаздар

2) Важип намаздар

3) Напил намаздар

А- ПАРЗ НАМАЗДАР

Булар беш маалкы намаздар менен Жума жана Жаназа намаздары болуп эсептелет.

БЕШ МААЛ НАМАЗ:

1) **Багымдат намазы**-4 ирекет.

2 ирекет сүннөт

2 ирекет парз

2) **Бешим намазы** -10 ирекет.

4 ирекет алгачкы сүннөт,

4 ирекет парз,

2 ирекет соңку сүннөт.

3) **Дигер намазы** – 8 ирекет

4 ирекет сүннөт,

4 ирекет парз.

4) **Шам намазы** – 5 ирекет

3 ирекет парз,

2 ирекет сүннөт.

5) **Куптан намазы** – 10 ирекет

4 ирекет алгачкы сүннөт,

4 ирекет парз,

2 ирекет соңку сүннөт.

Беш маал намаздан башка парз болгон намаздар:

1) ЖУМА НАМАЗЫ – 10 ирекет

4 ирекет алгачкы сүннөт,

2 ирекет парз,

4 ирекет соңку сүннөт.

2) - ЖАНАЗА НАМАЗЫ – Парз-Кифайа болот.

Б – ВАЖИП НАМАЗДАР:

1) - ВИТИР НАМАЗЫ – 3 ирекет,

2) - ОРОЗО АЙТ НАМАЗЫ-2 ирекет,

3) - КУРМАН АЙТ НАМАЗЫ-2 ирекет.

В- НАПИЛ НАМАЗДАР

Парз жана важиптерден бөлөк окулган намаздарга “Напил намаздар” кирет.

Напил намаздар экиге бөлүнөт:

1)Парз намаздарына байланыштуу окулган “Напил” намаздар.

Булар парздардан мурда жана кийин окулган сүннөттөр менен Орозо түндөрүндө окулган жана сүннөт болгон тараба намазы.

2) Парз намазына байланышсыз окулган “Напил” намаздар.

Булар мустахаб же мандуб намаздар деп аталат. Булар кээ бир убакыттарда сооп табуу жана Алладан тилек тилөө ниети менен да окулат.

НАМАЗДЫН ПАРЗДАРЫ

1) Хадастан тазалануу: Хадас аталаган көңүлдөгү кирди кетирүү үчүн даарат алуу, керек болгондо гусул кылуу.

2) Нажасаттан тазалануу: Намаз окуган кишинин денесинде, кийген кийиминде жана намаз окуган жерде кир болсо, буларды тазалоо.

3) Сатр-и Аврат: Намаз окуган кишинин денесинде көрүлүшү арам болгон жерлердин жабылышы керек.

Эркектерде – кидик менен тизенин ортосу (тизени да камтыйт).

Аялдарда – бет, кол жана аяктардан башка денесинин бардык жеринин жабылуусу.

4) Истикбал-и Кыбла: Намазды кыбылага карап окуу. Кыбыла Мекке шаарында, дүйнөдө Аллага ибадат кылуу максаты менен курулган алгаякы ыйык имарат болгон Кааба. Кааба Аз. Ибрахим пайгамбар жана Аз. Исмаил тарабынан курулган.

5) Убакыт: Намаздарды өз маалында окуу. Убактысынан мурда намаз окуу туура эмес.

6) Ниет: Кайсы намазды окуганын билүү жана көңүлүндө сактоо. Ниеттин тил менен айтылышы сүннөт болот.

НАМАЗДЫН РУКУУЛАРЫ

1) ифтитах такбири – Намазды баштаганда такбир айтуу.

2) Кыям – Намазда тик өйдө туруу.

3) Кыраат – Намазда тик өйдө туруп бираз Куран окуу.

4) Рукуу – Намазда колду тизеге жеткире эңкейүү.

5) Сажда – Рукуудан кийин буттар, тизелер жана колдор менен бирге маңдайды жерге коюу.

6) Каада-и Ахира – Намаздын акырында "Аттахияту" окулуп бүткөнгө чейин отуруу.

АЗАН

Аллаху акбар-Аллаху акбар
Аллаху акбар-Аллаху акбар

Ашхаду анлаа илааха иллаллах
Ашхаду анлаа илааха илааллах

Ашхаду анна Мухаммадан Расуулуллах
Ашхаду анна Мухаммадан Расуулуллах

Хаййа ала'с-салаах, Хаййа ала'с-салаах
Хаййа ала'с-фалаах, Хаййа ала'с-фалаах

Ассалату хайрун минаннавм[1]
Ассалату хайрун минаннавм

Аллааху акбар, Аллааху акбар
Лаа илааха Иллаллаах

1 Бул бөлүм жалгыз гана багымдат намазында окулат.

КАМАТ

Аллаху акбар-Аллаху акбар
Аллаху акбар-Аллаху акбар

Ашхаду анлаа илааха иллаллах
Ашхаду анлаа илааха илааллах

Ашхаду анна Мухаммадан Расуулуллах
Ашхаду анна Мухаммадан Расуулуллах

Хаййа ала'с-салаах, Хаййа ала'с-салаах
Хаййа ала'с-фалаах, Хаййа ала'с-фалаах

Кад камати'с-салаах-кад камати'с-салаах
Аллааху акбар, Аллааху акбар

Лаа илааха Иллаллаах

НАМАЗДЫ БУЗГАН НЕРСЕЛЕР

1) Намазда сүйлөө.

2) Бир нерсе жеөө жана ичүү.

3) Өзү укчудай күлүү (жанындагы кишилер укчудай күлсө анда даараты бузулат).

4) Бирөөгө салам берүү же берилген саламды алуу.

5) Көкүрөгүн кыбыладан буруу.

6) Дүнүйөгө тийиштүү бир нерсеге же бир оорууга байланыштуу ыйлоо, «ах» деп айтуу. (Алла коркунучу себебинен ыйлоо намазды бузбайт).

7) Жөтөлү жок туруп жөтөлүүгө аракеттенүү. (Өзүңдөгү жөтөл намазды бузбайт).

8) Намазда бир иш аткарууга аракеттенүү.

9) Бир нерсени үйлөө.

10) Куранды мааниси бузулгудай жаңылыш окуу.

11) Аятты китептин бетинен окуу.

12) Намазда даараттын бузулушу.

13) Таямум алган кишинин намазда суу көрүшү, масх мөөнөтүнүн намазда бүтүшү.

14) Багымдат намазын окуп жатканда күндүн чыгышы.

15) Аялдар менен эркектердин ортодо бир парда болбостон бир сапта жамаат менен намаз окушу.

16) Намазда жабылышы зарыл болгон жерлердин ачылып калышы жана бул абалдын бир рукуу боюнча улануусу.

НАМАЗДЫН МАКҮРӨӨЛӨРҮ

(Намазда болбой турган нерселер)

1) Намазда денесин же кийим-кечегин кармап ойноо, манжаларды кырсылдатуу, бармактарды бири-бирине өткөзүү, колдорун бооруна коюу.

2) Керилүү.

3) Көздөрүн жумуу, оңго-солго же өйдө кароо (караган учурда көкүрөгүн кыбыладан бурса намаз бузулат).

4) Жеңди түрүп намазга туруу.

5) Кечиримдүү себеп болбостон мандаш токунуу, чөгөлөө, тизелеп олтуруу, тизесин тик кармап олтуруу.

6) Адамдын бетине же кор абалындагы отко карап намаз окуу. (Шам, шам чырагы жана лампага каршы макүрөө болбойт).

7) Жүзүндөгү тер жана чаңдарды тазалоо, кашынуу, сажда жериндеги таштарды оңдоо (буларды бир ыңгайсыздыктан улам жасап алса, макүрөө болбойт).

8) Рукууда же саждада тасбихтерди айтпоо же үчтөн аз айтуу.

9) Намаз окуган жердин алдында, үстүндө, же оң сол жактарында жандуулардын сүрөтү болушу же андай сүрөтү бар нерсенин үстүнө сажда кылуу (табият же дарак өңдүү жансыз сүрөттөр боло берет).

10) Намазда бир нерсеге сүйөнүү.

11) Сажда учурунда маңдайын гана жерге тийгизип, мурдун тийгизбөө.

12) Саждага барганда колдорун тизелеринен мурда жерге коюу, саждадан турганда тизелерин колдорунан мурда көтөрүү (ооруу себебинен мындай кылса макүрөө болбойт).

13) Жол үстүндө, ыпылас жерлерде, көрүстөн үстүндө, булганычка жакын жерде, ээсинин уруксатысыз башка бирөөнүн жеринде намаз окуу.

14) Экинчи ирекетте биринчи ирекетте окуган сүрөө же аяттан дагы узун сүрөө же аят окуу.

15) Жат билген башка сүрөө барда, эки ирекетте тең бир сүрөөнү окуу.

16) Экинчи ирекетте, биринчи ирекетте окуган сүрөө же аяттан мурдагы сүрөө же аятты окуу.

Заммы сүрөө окуганда баштан-аяк (жогорудан ылдыйга) карата кетет. Мисалы: Биринчи ирекетте Фатихадан кийин **“Аламтара”**ны, экинчи ирекетте **“Ли илаафини”**. Экинчи ирекетте “Аламтара”ны, окуса бул тескери окуу макүрөө болот.

17) Биринчи ирекетте бир сүрөөнү окуп, экинчи ирекетте ортодо бир сүрөөнү аттап, андан кийинки сүрөөнү окуу.

Мындайча: Биринчи ирекетте **“Аламтара”**ны окуса, экинчи ирекетте **“Ли илаафи”** окушу керек болсо, муну аттап **“Ара-айталлазии”**ни окуу макүрөө болот. Эки же андан көп сүрөөнү аттап өтсө, макүрөө болбойт.

18) Намаз окуган учурда чапан же күрмөсүн кийбестен желбегей жамынуу.

19) Мечитте алдыңкы катарда орун бар болсо, арт жакта намазга туруу.



КҮНҮМДҮК БЕШ МААЛ НАМАЗДЫН ОКУЛУШ ТАРИЗИ

Намаздын так жана диний мыйзамдарга ылайык болушу үчүн парздарды, важиптерди жана сүннөттөрдү эрежеси менен окуу, намазды бузган, намазда макүрөө саналган нерселерден сактануу керек.

БАГЫМДАТ НАМАЗЫНЫН ОКУЛУШ ТАРИЗИ

Багымдат намазы; экөө сүннөт, экөө праз болуп, бардыгы төрт ирекет. Оболу сүннөтү, андан соң парзы окулат.

БАГЫМДАТ НАМАЗЫНЫН СҮННӨТҮНҮН ОКУЛУШУ

Биринчи ирекет

1) Эки буттун аралыгын төрт элиден кем эмес аралыкта коюу жана буттун учтарын кыбылага каратып тикесинен туруу. (Сүрөт:1-2)

1-сүрөт

2-сүрөт

2) «Ниет кылдым Алла ыраазычылыгы үчүн бүгүнкү багымдат намызынын эки ирекет сүннөтүн окууга» деп ниет айтылат.

3-сүрөт

4-сүрөт

3) **«Аллаху акбар»** деп ифтитах такбири айтылат. (Сүрөт:3-4)

5-сүрөт

6-сүрөт

7-сүрөт

Эркектер такбир айтканда алакан кыбылага каратылат манжалар ачык тутулушу керек. Баш бармаклар кулак көнчөгүнүн турушуна келгенчелик абалда жогору көтөрүлөт. (Сүрөт:5,6)

Аялдар: такбир айтканда алакан кыбылага аратылып, арасы ачык тутулган манжал учтары ийиндин тушуна келгенчелик абалда колдорун өйдө көтөрүшөт. (Сүрөт:7)

Кыям:

4) Такбирден кийин колдор төмөн түшүрүлүп, байланат. Тик турган абалда сажда кылчу жерге тигилет.

5) Тик туруп кезеги менен:

а) «Субханака» б) «Аузу», «Бисмилла»

в) «Фатиха» сүрөсү г) Курандан бир сүрө окулат.

8-сүрөт

Эркектер оң колду сол колдун үстүндө коюп, сол колдун билегин оң колдун баш бармак жана чыпалагы менен орой сүрөттөгүдөй кармап киндиктин астына байлашат. (Сүрөт:8)

9-сүрөт

Аялдар, оң колу сол колдун үстүн келгендей кылып колдорун көкүрөгүнө коюшат. Эркектердегидей оң колдун манжалары менен сол колдун билегин орой кармашпайт. (Сүрөт:9)

Руку:

6) «Аллаху акбар» деп рукууга ийилет бул жерде үч жолу «Субхаана раббиал-азим» деп айтылат. Рукуу учурунда буттардын үстүнө тигилет.

10-сүрөт

11-сүрөт

12-сүрөт

Эркектер рукуу маалында аралыгы ачык тутулган манжалар менен тизени кармашат. Сырт түпсүз абалда болушу керек. Тизелерин жана чыканактарды бүкпөө кажет. (Сүрөт:10-11)

Аялдар рукууда сыртын бираз бүгүп эркектерге караганда аз эле эңкейишет. Колдорун (манжаларын ачпастан) тизенин үстүнө коюшат.(Сүрөт:12)

Рукуудан туруу:

7) «Самиаллааху лиман хамидах» деп, рукуудан тик турушат. өйдө турган соң «Раббанаа лакал-хамд» деп айтылат.

13-сүрөт

Эркектердин рукудан өйдө болуп түздөнүшү (Сүрөт:13)

14-сүрөт

Аялдардын рукудан өйдө болуп түздөнүшү (Сүрөт:14)

8) «Аллаху акбар» деп саждага баш коюлат. Саждага жыгылган кезде кезеги менен тизе, колдор, андан кийин мандай жана мурун жайнамазга тийгизилет. Баш саждага барган кезде эки колдун ортосунда жана катарында болот. Саждага жыгылган учурда буттар жерден үзүлбөшү керек. Саждада кол мурунга кадалат, «Субхаана Раббиал-алаа» деп үч жолу кайталанат.

15-сүрөт

Эркектер, саждага барганда капталынан алыс колду жерден көтөрүңкү абалда кармайт бармак учтары кыбылага каратылып аяктар тик коюлат. (Сүрөт:15)

16-сүрөт

Аяладар, саждага колдорун капталдарына жанаштыра коюшат. Аяктарын тик тутуп, бармак учтарын кыбылага каратып коюшат. (Сүрөт:16)

Эки сажда ортосундагы отуруунун таризи:

9) «Аллааху акбар» деп башты саждадан көтөрүп, чөк тизелеп отуруу кажет. Отурган учурда манжалар тизелердин катарына келгидей кылып коюлат. Бул учурда кучакка кадалат. Бул жерде «Субханаллах» деп айтканчалык кыска мөөнөт отуруу зарыл. (Сүрөт: 17-18)

17-сүрөт

18-сүрөт

19-сүрөт

Эркектер, Оң буттун бармактарын кыбылага карата тике койуп, сол бутун жерге төшөп, үстүнө олтурушат. (Сүрөт:19)

20-сүрөт

Аялдар эки бутун тең оң тарапкка чыгарып, сүрөттөгүдөй олтурушат. (Сүрөт:20)

10) «Аллааху акбар» деп экинчи ирет саждага жыгылат жана үч жолу «Субхаана Раббиал-алаа» деп кайталайт (Сүрөт:21-22)

21-сүрөт

Экинчи сажданы орундатуу (эркектер)

22-сүрөт

Экинчи сажданы орундатуу (аялдар)

11) Саждадан «Аллааху акбар» деп өйдө (экинчи ирекет) турулат жана колдор башта айтылган таризде байланат. (сүрөт 23-24)

Саждадан турган учурда оболу баш, андан кийин колдор, андан кийин кол тизенин үстүнө коюлган абалда, тизелер жерден көтөрүлөт.

Ифтитах (башталгыч) такбирден баштап буга чейинки орундатылган аракеттер бир ирекет деп айтылат.

Экничи ирекет:

23-сүрөт

24-сүрөт

1) Экинчи ирекетке турган учурда кезеги менен

а) «Бисмилла» б) «Фатиха сүрөөсү» в) Бир сүрөө же бир канча аят окулат.

25-сүрөт

26-сүрөт

2) Биринчи ирекетте аткарылган сыңары «Аллааху акбар» деп рукууга ийилүү керек. Рукууда «Субахаана Раббиал-аала» деп үч жолу кайталанып айтылат. (Сүрөт:25-26)

27-сүрөт

28-сүрөт

3) «Самиаллааху лиман хамидах» деп кайрадан өйдө турулат да тик турган абалда «Раббана лакал –хамд» деп бир жолу айтылат. (Сүрөт:27-28)

29-сүрөт

30-сүрөт

4) «Аллааааху акбар» деп, саждага баш коюлат. Саждада үч жолу «Субхаана раббиал-алааə» деп айтылат. (Сүрөт:29-30)

31-сүрөт



32-сүрөт

5) «Аллааху акбар» деп саждадан баш көтөрүп тизелеп олтурулат. Бул жерде «Субхааналлах» деп айтканчалык гана кыска мөөнөткө олтурулат. (Сүрөт:31-32)

33-сүрөт

34-сүрөт

6) Андан соң «Аллааху акбар» деп экинчи ирет баш коюп үч жолу «Субхаана раббиал-алаа» деп айтылат. (Сүрөт:33-34)



35-сүрөт

36-сүрөт

7) Саждадан баш көтөргөн соң «Аллааху акбар» деп олтурулат. Отурулган учурда колдун манжаларын тизенин башына келгидей кылып теңдеп тизенин үстүнө коет. Бул учурда көз көкүрөккө кадалат. (Сүрөт:35-36)

37-сүрөт

38-сүрөт

Эркектер, оң буттун бармактарын кыбылага карата тике койуп, сол бутун жерге төшөп, үстүнө олтурушат. (Сүрөт:37)

Аялдар эки бутун тең оң тарапка чыгарып, сүрөттөгүдөй олтурушат. (Сүрөт:38)

8) Олтурганда кезеги менен:

а) «Аттахиятуу» б) «Аллахума сали алаа»

в) «Аллахума баарик алаа» г) «Раббана аатинаа» деген дубалар окулат.

Отурган учурда манжаларды тизенин башына теңдеп үстүнө коюлат, көз көкүрөккө кадалат. (Сүрөт:35-36)

39-сүрөт

Эркектердин оң тарапка салам бериши (Сүрөт: 39)

40-сүрөт

Аялдардын оң тарапка салам бериши (Сүрөт: 40)

Оң тарапка саламдын берилиши:

9) Башты оболу оңго буруп «Ассалааму алейкум ва рахматууллаах» деп салам берилет. Салам берген учурда көз ийиндерге кадалат.

41-сүрөт

Эркектердин сол тарапка салам бериши (Сүрөт: 41)

42-сүрөт

Аялдардын сол тарапка салам бериши (Сүрөт: 42)

Саламдын сол тарапка берилиши.

10) Андан соң башты сол тарапка буруп «Ассалааму алейкум ва рахматууллаах» деп айтылат.

Багымдат намазынын парзынын окулушу:

Багымдат намазынын парзы да сүннөтүндөй окулат айрымасы ниеттеги өзгөчөлүк жана эркектердин камат (такбир) айтышы.

Биринчи ирекет:

Каамат (такбир) (эркектер үчүн):
Алллааху акбар-Аллааху акбар
Алллааху акбар-Аллааху акбар
Ашхадуан лааилааха иллаллаах
Ашхадуан лааилааха иллаллаах
Ашхаду аннаа Мухаммадар-Расуулуллаах
Ашхаду аннаа Мухаммадар-Расуулуллаах
Хаййа алас-салаах, Хаййа алас-салаах,
Хаййа алас-салаах, Хаййа алас-салаах,
Кад каматис-салаах-кад кааматис-салаах
Аллааху акбар, Аллааху акбар
Лаа илааха иллаллаах

Ниет: **«Ниет кылдым Алла ыраазычылы үчүн бүгүнкү багымдат намазынын эки ирекет парзын окууга»**

«Субханака», «Аузу», «Бисмилла», «Фатиха», бир сүрөө же бир же бир канча аят окулат.

Ифтитах такбири (Аллааху акбар)



Такбир рукуу 3 жолу «Субхаана Раббийал-азим»

Самиаллааху лиман хамидах Рукуудан туруу «Раббана лакал хамд»

Такбир сажда 3 жолу «Субхаана Раббиал алаа»

Такбир эки сажда арасындагы отурум

Такбир экинчи сажда 3 жолу «Субхаана Раббийал – алаа»

Экинчи ирекет

Такбир, өйдө (экинчи ирекетке) туруу

«Бисмилла», «Фатиха», бир сүрөө же бир канча аят.

Такбир, рукуу 3 жолу «Субхаана Раббийал-азийм»



Самиаллааху лиман хамидах «Раббана лакал хамд»

Такбир, сажад 3 жолу «Субхаана Раббийал – алаа»

Такбир, эки сажда ортосундагы олтуруш

Такбир экинчи сажда 3 жолу «Субхаана Раббийал – алаа»



Такбир Када-акыркы отуруу. «Аттахияту», «Аллахумма салли алаа», «Аллахумма барик алаа», «Раббана аатина»



Оңго салам «Ассалааму алейкум ва рахматтуллах»

Солго салам «Ассалааму алейкум ва рахматтуллах»

БЕШИМ НАМАЗЫ

Бешим намазында 10 ирекет бар. Анын алгачкы 4 иректеи сүннөт, андан кийин төрт ирекет парз, акыркы эки ирекет сүннөт.

Бешим намазынын алгачкы сүннөтүнүн окулушу

Биринчи ирекет:

Ниет: «Ниет кылдым, Алланын ыраазычылыгы үчүн бүгүнкү бешим намазынын алгачкы сүннөтүн окууга»

Ифтитах такбири (Аллаху акбар)

«Субханака», «Аузу», «Бисмилла», «Фатиха», бир сүрөө же бир канча аят.



Такбир рукуу 3 жолу «Субхаана Раббийал-азийм»

Самиаллааху лиман хамидах «Раббана лакал хамд»

Такбир сажда 3 жолу «Субхаана Раббийал алаа»



Такбир эки сажда ортосунда олтуруш.

Такбир экинчи сажда 3 жолу «Субхаана Раббийал – алаа»

Экинчи ирекет

Такбир (экинчи ирекетке) өйдө туруу. «Бисмилла», «Фатиха», бир сүрөө же бир канча аят.

Такбир рукуу 3 жолу «Субхаана Раббийал-азийм»



Самиаллааху лиман хамидах рукуудан туруу «Раббана лакал хамд»

Такбир саждага барып «Субхаана Раббийал – алаа» 3 жолу.



Такбир эки сажда ортосунда олтуруш.

Такбир экинчи сажда 3 жолу «Субхаана Раббийал – алаа»



Такбир алгачкы олтуруш.. «Аттахияту» окулат.

Такбир (үчнчү ирекетке тик) туруу

«Бисмилла», «Фатиха», бир сүрөө же бир канча аят.

Такбир рукуу 3 жолу «Субхаана Раббийал-азийм»

Самиаллааху лиман хамидах рукуудан туруу «Раббана лакал хамд»

Такбир саждага барып «Субхаана Раббийал – алаа» 3 жолу.

Такбир эки сажда ортосунда олтуруш.

Такбир экинчи сажда 3 жолу «Субхаана Раббийал – алаа»

Такбир (төртүнчү ирекетке) өйдө туруу

«Бисмилла», «Фатиха», бир сүрөө же бир канча аят.



Такбир рукуу 3 жолу «Субхаана Раббийал-азийм»



Самиаллааху лиман хамидах рукуудан туруу «Раббана лакал хамд»

Такбир саждага барып «Субхаана Раббийал – алаа» 3 жолу.



Такбир эки сажда ортосунда олтуруш.

Такбир экинчи сажда 3 жолу «Субхаана Раббийал – алаа»



Такбир Када-акыркы отуруу. «Аттахияту», «Аллахумма салли алаа», «Аллахумма барик алаа», «Раббана аатина»

Оңго салам «Ассалааму алейкум ва рахматтуллах»

Солго салам «Ассалааму алейкум ва рахматтуллах»

БЕШИМ НАМАЗЫНЫН ПАРЗЫНЫН ОКУЛУШ ТАРИЗИ

Эрекектер үчүн каамат айтылат

Ниет: **«Ниет кылдым, Алла ыраазычылыгы үчүн бүгүнкү бешим намазынын 4 ирекет парзын окууга».**

Биринчи ирекет:

Ифтитах такбири (Аллаху акбар)

«Субханака», «Аузу», «Бисмилла», «Фатиха», бир сүрөө же бир канча аят.

Такбир рукуу 3 жолу «Субхаана Раббийал-азийм»



Самиаллааху лиман хамидах рукуудан туруу, «Раббана лакал хамд» 1 жолу

Такбир саждага барып «Субхаана Раббийал – алаа» 3 жолу.

Такбир эки сажда ортосунда олтуруш.

Такбир саждага барып «Субхаана Раббийал – алаа» 3 жолу.

Такбир (экинчи ирекетке) өйдө туруу

Экинчи ирекет

«Бисмилла», «Фатиха», бир сүрөө же бир канча аят.

Такбир рукуу 3 жолу «Субхаана Раббийал-азийм»

Самиаллааху лиман хамидах рукуудан туруу «Раббана лакал хамд»

Такбир саждага барып «Субхаана Раббийал – алаа» 3 жолу.



Такбир эки сажда ортосунда олтуруш.

Такбир саждага барып «Субхаана Раббийал – алаа» 3 жолу.

Такбир алгачкы олтуруш.. «Аттахияту» окулат.

Такбир (үчүнчү ирекетке тик) туруу

«Бисмилла», «Фатиха». **Бул жерде сүрөө же аят окулбайт.**



Такбир рукуу 3 жолу «Субхаана Раббийал-азийм»

Самиаллааху лиман хамидах рукуудан туруу «Раббана лакал хамд»

Такбир саждага барып «Субхаана Раббийал – алаа» 3 жолу.



Такбир эки сажда ортосунда олтуруш.

Такбир саждага барып «Субхаана Раббийал – алаа» 3 жолу.

Такбир (төртүнчү ирекетке) өйдө туруу

«Бисмилла», «Фатиха». **Бул жерде сүрөө же аят окулбайт.**

Такбир рукуу 3 жолу «Субхаана Раббийал-азийм»



Самиаллааху лиман хамидах рукуудан туруу «Раббана лакал хамд»

Такбир саждага барып «Субхаана Раббийал – алаа» 3 жолу.



Такбир эки сажда ортосунда олтуруш.

Такбир саждага барып «Субхаана Раббийал – алаа» 3 жолу.



Такбир Када-акыркы отуруу. «Аттахияту», «Аллахумма салли алаа», «Аллахумма барик алаа», «Раббана аатина»

Оңго салам «Ассалааму алейкум ва рахматтуллах»

Солго салам «Ассалааму алейкум ва рахматтуллах»

БЕШИМ НАМАЗЫНЫН АКЫРКЫ ЭКИ ИРЕКЕТ СҮННӨТҮНҮН ОКУЛУШУ

Оболу ниет кылынат: **«Ниет кылдым Алланын ыраазычылыгы үчүн Бешим намазынын акыркы эки ирекет сүннөтүн окууга»**

Андан соң багымдат намазынын сүннөтүндөй эки ирекет окулат. Ошентип бешим намазы аягына чыккан болот. (багымдат намазынын сүннөтүнүн окулушун кара)

ДИГЕР (АСР) НАМАЗЫ

Дигер намазы төрт сүннөт, төрт парздан турат – бардыгы сегиз ирекет болот. Оболу сүннөтү окулат.

Дигер намазынын сүннөтүнүн окулушу.



Ниет: «Ниет кылдым, Алланын ыраазычылыгы үчүн бүгүнкү дигер намазынын төрт ирекет алгачкы сүннөтүн окууга»

Биринчи ирекет:

Ифтитах такбири (Аллаху акбар)



«Субханака», «Аузу», «Бисмилла», «Фатиха», бир сүрөө же бир канча аят.

Такбир рукуу 3 жолу «Субхаана Раббийал-азийм»



Самиаллааху лиман хамидах рукуудан туруу, «Раббана лакал хамд» 1 жолу

Такбир саждага барып «Субхаана Раббийал – алаа» 3 жолу.



Такбир эки сажда ортосунда олтуруш.

Такбир саждага барып «Субхаана Раббийал – алаа» 3 жолу.

Такбир (экинчи ирекетке) өйдө туруу

Экинчи ирекет

«Бисмилла», «Фатиха», бир сүрөө же бир канча аят.

Такбир рукуу 3 жолу «Субхаана Раббийал-азийм»

Самиаллааху лиман хамидах рукуудан туруу «Раббана лакал хамд»

Такбир саждага барып «Субхаана Раббийал – алаа» 3 жолу.



Такбир эки сажда ортосунда олтуруш.

Такбир саждага барып «Субхаана Раббийал – алаа» 3 жолу.

Такбир алгачкы олтуруш.. «Аттахияту» окулат.

Такбир (үчүнчү ирекетке) тик туруу

«Бисмилла», «Фатиха», бир сүрөө же бир канча аят.



Такбир рукуу 3 жолу «Субхаана Раббийал-азийм»

Самиаллааху лиман хамидах рукуудан туруу «Раббана лакал хамд»

Такбир саждага барып «Субхаана Раббийал – алаа» 3 жолу.



Такбир эки сажда ортосунда олтуруш.

Такбир саждага барып «Субхаана Раббийал – алаа» 3 жолу.

Такбир (төртүнчү ирекетке) өйдө туруу

«Бисмилла», «Фатиха», бир сүрөө же бир канча аят.

Такбир рукуу 3 жолу «Субхаана Раббийал-азийм»



Самиаллааху лиман хамидах рукуудан туруу «Раббана лакал хамд»

Такбир саждага барып «Субхаана Раббийал – алаа» 3 жолу.

Такбир эки сажда ортосунда олтуруш.

Такбир саждага барып «Субхаана Раббийал – алаа» 3 жолу.



Такбир Када-акыркы отуруу. «Аттахияту», «Аллахумма салли алаа», «Аллахумма барик алаа», «Раббана аатина»

Оңго салам «Ассалааму алейкум ва рахматтуллах»

Солго салам «Ассалааму алейкум ва рахматтуллах»

ДИГЕР НАМАЗЫНЫН ПАРЗЫНЫН ОКУШ ТАРИЗИ.

Оболу камет (такбир) айтылат андан соң ниет кылынат: «Ниет кылдым Алланын ыраазычылыгы үчүн бүгүнкү дигер намазынын төрт ирекет парз намазын окууга»

Дигер бешим намазынын төрт ирекет празы сыяктуу эле окулат. Ниеттен башка эч бир айырма жок. (Бешим намазынын окулушун кара)

ШАМ НАМАЗЫ

Шам намазында үч ирекет парз, эки ирекет сүннөт – баары беш ирекет болот. Оболу парзы окулат.

Шам намазынын парзынын окулушу

Эркектер үчүн камат



Ниет: «Ниет кылдым, Алланын ыраазычылыгы үчүн бүгүнкү шам намазынын үч ирекет парзын окууга»

Биринчи ирекет:

Ифтитах такбири (Аллаху акбар)



«Субханака», «Аузу», «Бисмилла», «Фатиха», бир сүрөө же бир канча аят.

Такбир рукуу 3 жолу «Субхаана Раббийал-азийм»



Самиаллааху лиман хамидах рукуудан туруу, «Раббана лакал хамд» 1 жолу

Такбир саждага барып «Субхаана Раббийал – алаа» 3 жолу.



Такбир эки сажда ортосунда олтуруш.

Такбир саждага барып «Субхаана Раббийал – алаа» 3 жолу.

Такбир (экинчи ирекетке) өйдө туруу

Экинчи ирекет

«Бисмилла», «Фатиха», бир сүрөө же бир канча аят.

Такбир рукуу 3 жолу «Субхаана Раббийал-азийм»

Самиаллааху лиман хамидах рукуудан туруу «Раббана лакал хамд»

Такбир саждага барып «Субхаана Раббийал – алаа» 3 жолу.



Такбир эки сажда ортосунда олтуруш.

Такбир саждага барып «Субхаана Раббийал – алаа» 3 жолу.

Такбир алгачкы олтуруш.. «Аттахияту» окулат.

Такбир (үчүнчү ирекетке) тик туруу

«Бисмилла», «Фатиха», бул жерде сүрөө окулбайт.



Такбир рукуу 3 жолу «Субхаана Раббийал-азийм»

Самиаллааху лиман хамидах рукуудан туруу «Раббана лакал хамд»

Такбир саждага барып «Субхаана Раббийал – алаа» 3 жолу.



Такбир эки сажда ортосунда олтуруш.

Такбир саждага барып «Субхаана Раббийал – алаа» 3 жолу.



Такбир Када-акыркы отуруу. «Аттахияту», «Аллахумма салли алаа», «Аллахумма барик алаа», «Раббана аатина»

Оңго салам «Ассалааму алейкум ва рахматтуллах»

Солго салам «Ассалааму алейкум ва рахматтуллах»

ШАМ НАМАЗЫНЫН СҮННӨТҮНҮН ОКУЛУШУ

Оболу ниет кылынат: «Ниет кылдым Алланын ыраазычылыгы үчүн бүгүнкү шам намазынын эки ирекет сүннөтүн окууга». Мындан кийин багымдат намазынын сүннөтүндөй эки ирекет окулат, эч бир айырмасы жок. Ошону менен шам намазы бүткөн болот. (Багымдат намазынын сүннөтүнүн окулушун кара)

КУПТАН НАМАЗЫ

Куптанда төрт ирекет праз жана эки ирекет сүннөт окулат.

Куптан намазынын парзынын окулушу

Эң оболу каамат (такбир, эркектер үчүн) айтылып, ниет кылынат: **«Ниет кылдым Алланын ыраазычылыгы үчүн ушул түндүн куптан намазынын төрт ирекет празын окууга»**

Андан кийин дигер (аср) намазынын парзы сыяктуу төрт ирекет окулат. (Дигер намазынын парзынын окулушун кара!)

Куптан намазынын сүннөтүнүн окулушу:

Эң биринчи **«Ниет кылдым Алланын ыраазычылыгы үчүн ушул түндүн куптан намызынын эки ирекет сүннөтүн окууга»** - деп ниет кылынат да, калганы кудум багымдат намазынын сүннөтү сыяктуу эки ирекет окулат. Ошону мнен куптан намазы аяктаган болот.

ВИТИР ВАЖИБ НАМАЗЫ

Витир важип куптан намазынан кийин үч ирекет окулат.

Бул намаздын үчүнчү ирекетинин окулушу шамдын парзынан айырмаланып фатиха жана бир сүрөө окулгандан кийин «Аллаху акбар» деп колдор жогору көтөрүлүп такбир алынып кайра байланат да «Кунут» дубасы окулат. Андан соң рукууга барылат. Эми сүрөткө кайрылалы.

«Ниет кылдым, Алланын ыраазычылыгы үчүн ушул түндүн Витир важип намазын окууга»

Биринчи ирекет:

Ифтитах такбири (Аллаху акбар)

«Субханака», «Аузу», «Бисмилла», «Фатиха», бир сүрөө же бир канча аят.



Такбир рукуу 3 жолу «Субхаана Раббийал-азийм»



Самиаллааху лиман хамидах рукуудан туруу, «Раббана лакал хамд» 1 жолу

Такбир саждага барып «Субхаана Раббийал – алаа» 3 жолу.

Такбир эки сажда ортосунда олтуруш.

Такбир саждага барып «Субхаана Раббийал – алаа» 3 жолу.

Такбир (экинчи ирекетке) өйдө туруу

Экинчи ирекет

«Бисмилла», «Фатиха», бир сүрөө же бир канча аят.



Такбир рукуу 3 жолу «Субхаана Раббийал-азийм»

Самиаллааху лиман хамидах рукуудан туруу «Раббана лакал хамд»

Такбир саждага барып «Субхаана Раббийал – алаа» 3 жолу.



Такбир эки сажда ортосунда олтуруш.

Такбир саждага барып «Субхаана Раббийал – алаа» 3 жолу.

Такбир алгачкы олтуруш.. «Аттахияту» окулат.

Такбир (үчүнчү ирекетке) тик туруу

«Бисмилла», «Фатиха», бир сүрөө же бир нече аят окулат.

Ифтитах такбири (Аллаху акбар)

«Кунут» дубасы

Такбир рукуу 3 жолу «Субхаана Раббийал-азийм»

Самиаллааху лиман хамидах рукуудан туруу, «Раббана лакал хамд» 1 жолу

Такбир эки сажда ортосунда олтуруш.

Такбир Када-акыркы отуруу. «Аттахияту», «Аллахумма салли алаа», «Аллахумма барик алаа», «Раббана аатина»

Такбир саждага барып «Субхаана Раббий-ал – алаа» 3 жолу.

Такбир саждага барып «Субхаана Раббий-ал – алаа» 3 жолу.

Оңго жана солго салам «Ассалааму алейкум ва рахматтуллах»

ТАРАВИХ НАМАЗЫ

Таравих намазы Рамазан айында гана окулат. Жыйырма ирекеттен турат. Эркектер үчүн да аялдар үчүн да муну окуу сүннөт. Оору же жолоочулук себептүү орозо кармай албагандарга да таравих намазын окуу сүннөт. Таравих намазынын жамаат менен мечитте окулушу сүннөт жна сообу көп. үйдө жалгыз же жамаат менен окулса да болот. Пайгамбарыбыз (с.а.в.) мындай деген хадисин айткан:

«Сооптуулугунан ишеним, кайрымынан үмүт кылып Алланын ыраазычылыгы үчүн рамазан түндөрүн ибадат кылуу менен өткөргөн (таравих намазын окуган) кишинин өткөн күнөөлөрү кечирилет»[2]

Таравих намазынын окулушу:

Таравих намазы куптан намазынан кийин окулат. Куптандан мурда окууга болбойт. Витир намазын Рамазан айынын ичинде таравихтен кийин да, мурун да окуса болот.

Жыйырма ирекеттен турган таравих намазы жамааттын калоосуна жараша эки ирекеттен кылынып же төрт ирекеттен окууга болот.

Эки ирекетке бир салам берилип таравихтин жамаат менен окулуш таризи:

Куптан намазынын парзы жана сүннөтү окулгандан кийин таравих намазы башталат.

Имам: “Ниет кылдым Алланын ыраазычылыгы үчүн таравих намазын окууга. Мага уюгандарга имам болдум”– деп ниет кылып Ифтитах-такбирин айтып кол байлайт.

Имамдын артында турган жамаат дагы “Ниет кылдым жүзүмдү кыбылага буруп Алланын ыраазычылыгы үчүн таравих намазын окууга, уюдум имамга”– деп ниет кылат.

2 Риязу-Салихин, Т.2.Б.467.

Имамдын такбиринен кийин “Аллааху акбар” деп такбир айтып кол байлашат.

Мындан кийин имам да, жамаат да ичтен “Субханаканы” окуйт. Имам “Ауузу, бисмилланы” купуядан айткан соң, жарыя түрдө “Фатихага” жалгап бир сүрөө окуйт. Жамаат менен бирге рукуу жана саждаларды орундаткандан кийин экинчи ирекетке турат.

Имам добушун чыгарып “Фатихага” жалгап бир сүрөө окуп, жамаат менен бирге рукуу жана саждалар орундатылып чөк түшүп отурулат.

Бул отурумда имам да, жамаат да “Аттахийяту”, “Аллаахумма салли алаа”, “Аллаахумма баарик алаа” жана “Раббанаа аатинаа”... дубасын окуп эки тарапка салам беришет. Ошону менен эки ирекет аяктаган болот.

Анан кайра өйдө туруп жогоруда айтылгандай экиден ирекет окуу улантылат. Он жолу эки ирекеттен окулганда, жыйырма ирекет таравих намазы толук орундатылган болот. Акырында үч ирекеттик витир намазы жамаат менен окулат.

Эки ирекетте бир салам берип таравих намазын жалгыз окуу таризи:

“Ниет кылдым Алланын ыраазычылыгы үчүн тараба намазын окууга” деп ниет кылынат жана багымдат намазынын эки ирекет сүннөтүндөй окулат.

Жыйырма ирекет толук аткарылганга чейин экиден ирекет окуу улантылат. Витир намазы таравих бүткөн соң окулат.

Төрт ирекетте бир салам берилип таравихтин жамаат менен окулуш таризи:

Имам менен жамаат жогоруда айтылгандай ниет кылып, Ифтитах-такбирин айтып кол байлашат. Баары ичтен “Субханаканы” окугандан кийин (жамаат башка эч нерсе

окубайт), имам ичинен “Ауузу-бисмилланы”, анан үн чыгарып “Фатихага” бир сүрөө жалгап окуп, рукуу менен саждаларды орундаткан соң, экинчи ирекетке турушат.

Бул жерде да имам ичтен “Бисмилланы” окуган соң, “Фатихага” жалгап бир сүрөөнү үн чыгарып окуйт. Анан рукуу менен саждаларды орундаткан соң отурушат. Экинчи ирекеттин акырындагы бул биринчи отурумта имам менен жамаат “Аттахийяту”, “Аллаахумма салли ”, “Аллаахумма баарикти” окушат да үчүнчү ирекетке турушат.

Имам үчүнчү ирекетте жарыя түрдө “Фатихага” бир сүрөө жалгап окуйт. Андан соң рукуу жана саждаларды кылып, төртүнчү ирекетке турулат.

Мында имам ичтен “Бисмилланы” айтып анан жарыя түрдө “Фатихага” бир сүрөө жалгап окугандан кийин рукуу менен саждаларды орундатып отурулат.

Бул акыркы отурумда баары “Аттахийяту”, “Аллаахумма салли”, “Аллаахумма баарикти” окугандан кийин салам берилет. Ошону менен тараба намазынын алгачкы төрт ирекети аткарылат.

Мындан кийин жогоруда айтылгандай төрт ирекеттен окуу улантылат. Беш жолу төрт ирекеттен окуган соң жыйырма ирекет таравих намазы аяктайт.

Андан кийин жамаат менен витир намазы окулат.

Таравих намазын төрт ирекетте бир салам берип жеке окуу таризи:

“Ниет кылдым Алланын ыраазычылыгы үчүн тараба намазын окууга”деп ниет кылынат жана дигер намазынын парзындай окулат. Айырмасы жалгыз гана ниеттин башка болушу. Төрт ирекеттен беш кайталап окуган соң жыйырма ирекет таравих намазы аягына чыккан болот. Витир намазы таравихтен кийин кылынат.

НАМАЗДАН КИЙИН ЭМНЕЛЕР ОКУЛАТ

Ар бир парз намазды окуган соң:

اَللّٰهُمَّ اَنْتَ السَّلَامُ وَمِنْكَ السَّلَامُ تَبَارَكْتَ يَاذَا الْجَلَالِ وَالْاِكْرَامِ

“Аллаахумма антассалааму ва минкассалаам, табааракта я залжалаали ва’л-икраам” деп айтылат.

Парздан кийин сүннөт намазы жок болсо, (Багымдат жана дигер намаздары сыяктуу):

اَللّٰهُمَّ صَلِّ عَلٰى سَيِّدِنَا مُحَمَّدٍ وَعَلٰى اٰلِ سَيِّدِنَا مُحَمَّدٍ

“Аллаахумма салли алаа саййидинаа Мухаммадин ва алаа аали саййидинаа Мухаммад”-деп, Азирети Пайгамбарыбызга салават айтылат. А эгер парздан кийин сүннөт намазы бар болсо (Бешим, Шам, жана Куптан намаздары сыяктуу) салават менен салам сүннөт окулгандан кийин айтылат.

سُبْحَانَ اللّٰهِ وَالْحَمْدُ لِلّٰهِ وَلَا اِلٰهَ اِلَّا اللّٰهُ وَاللّٰهُ اَكْبَرُ وَلَا حَوْلَ وَلَا قُوَّةَ اِلَّا بِاللّٰهِ الْعَلِيِّ الْعَظِيمِ

Салават жана саламдан кийин:

“Субхааналлахи вал-хамду лиллаахи ва лаа илааха иллаллааху валлааху акбар ва лаа хавла ва лаа куввата иллаа биллаахил алиййил’азим” деп айтылат.

Мындан кийин: “Айату’л-Курсии” окулат.

АЙАТУЛ-КУРСИИ:

بِسْمِ اللَّهِ الرَّحْمَنِ الرَّحِيمِ

اَللَّهُ لآاِلهَ اِلاَّ هُوَ الْحَىُّ الْقَيُّومُ لاَ تَاْخُذُهُ سِنَةٌ وَلاَنَوْمٌ لَهُ مَا فِى السَّمَوَاتِ
وَمَا فِى اْلاَرْضِ مَنْ ذَاالَّذِى يَشْفَعُ عِنْدَهُ اِلاَّ بِاِذْنِه يَعْلَمُ مَا بَيْنَ اَيْدِيهِمْ
وَمَا خَلْفَهُمْ وَلاَ يُحِيطُونَ بِشَىْءٍ مِنْ عِلْمِه اِلاَّ بِمَاشَآءَ وَسِعَ كُرْسِيُّهُ
السَّمَوَاتِ وَاْلاَرْضَ وَلاَيَئُوْدُهُ حِفْظُهُمَا وَهُوَ الْعَلِىُّ الْعَظِيمُ*

Окулушу: Бисмиллахир рахмаанир рахим

“Аллааху лаа илааха иллаа хува’л-хаййу’л-Каййуум. Лаа та хузухуу синатун ва лаа навм. Лахуу маа фи’с-самааваати ва маа фи’л-ард. Ман заллазии йашфау индахуу илла би-изних, Я’ламу маа байна айдихим ва маа халфахум. Ва лаа юхиитууна бишай-ин мин ил-михии иллаа бимаа шаа-а. Васиа курсийюху’с-самааваати ва’л-арз. Ва лаа йаууду-хуу хифзухумаа. Ва хува’л-алиййу’л азим”.

Мааниси:

“Алла, Андан башка кудай жок, Ал тирүү жана түбөлүктүү. Ал үргүлөбөйт да, уктабайт да. Көктө жана жерде эмне бар болсо бардыгы ага таандык. Анын уруксаты болбосо, Анын жанында ким шыпаа кыла алат? Алардын алдында жана артында болгон бүт нерсени билет. Анын билиминен, анын каалоосунан сырткары эч нерсени биле алышпайт. Анын Курсийи-тактысы асман менен жерди ээлеп турат; аларды коргоо Ага эч качан оор келбейт. Ал өтө бийик жана улуу.

Кийин кезеги менен:

33 жолу اَلْحَمْدُ لِلّٰهِ “Субханаллах”

33 жолу سُبْحَانَ اللّٰهِ “Субханаллах”

33 жолу اَللّٰهُ اَكْبَرُ “Субханаллах”

деп айтылган соң:

Булардын артынан:

لاَ اِلٰهَ اِلاَّ اللّٰهُ وَحْدَهُ لا شَرِيكَ لَهُ لَهُ الْمُلْكُ وَلَهُ الْحَمْدُ وَهُوَ عَلٰى كُلِّ شَىْءٍ قَدِيرٌ

“Лаа илааха иллалааху вахдахуу лаа шарийка лах, лахул мулку ва лахул хамду ва хува алаа кулли шай’ин кадийр”.

Деп айткандан кийин эки колду көкүрөк тушка чейин көтөрүп дуба кылынат.

ДУБА

Пайгамбарыбыз сунуштаган жана мааниси берилген төмөндөгү дубалар окулса жакшы болот:

Ааламдардын Жаратуучусу Аллага алкоо болсун! Пайгамбарыбыз Аз. Мухаммад (Алайхиссаламга), ага ишенгендерге жана анын сахабаларына салават жана салам айтабыз!

‘’Аллахым! Оор кыйынчылыктардан дүйнө жана акырет жолубуздагы тардыктан, кайгы берүүчү тагдыр жазмышынан, душмандарды сүйүндүрчү азаптан коргоо издеп, сени пааналайбыз.

Аллахым! Күнөөлөрүбүздү кечир жана бизди корго, бизге ыраазы боло гөр. Ибадаттарыбызды кабыл кылып, бизди бейишиңе киргизүүңдү сурайбыз. Тозоктун отунан бизди куткар. Дүйнө жана акыретке байланыштуу бардык иштерибизди оң жолго сал. өзүңдү эстеп, сага шүкүр кылуу жана ибадат кылуу үчүн бизге жардам бер, Аллахым!..

Аллахым! Бардык иштердин акыбетин үзүрлүү кылып, дүйнөнүн кайгысынан, акыреттин азабынан коргой көр...

Аллахым! Кайрымыңа себеп болчу, кечирим бере турган нерселерди жана бүт күнөөлөрдөн алыс кылууну, жакшылыктардын баарына ээ кылууну жана акырында бейишке киргизүүнү, ошондой эле тозоктон кутулууну Сенден сурайбыз.

Аллахым! Эч бир күнөөбүздү калтырба. Бардыгын кечир, эч бир кайгыбызды калтырба, бизди сүйүнт. Бизге бүт карыздарыбызды төлөгөнгө күч - кубат бер. Дүйнө жана акыретке байланыштуу Сен ыраазы болгон бүт муктаждыктарыбызды камсыз кыл Эй, кайрымдуулардын эң кайрымдуусу!

Аллахым! Бизге бул дүйнөдө жакшылык жана сулуулук, акыретте да жакшылык жана сулуулук бер. Бизди ырайымың менен кечир, тозоктун азабынан корго Эй, кайрымдуулардын эң кайрымдуусу.

Оо Жараткан! Эсеп күнүндө мени,ата-энемди жана бүт мусулмандарды чалкыган чексиз ырайымың менен кечирип бейишиңе багытта. Эй кайрымдуулардын эң кайрымдуусу!..

Бардык пайгамбарларга салам, ааламдардын Жаратуучусу Аллага мактоо жана алкоо айтабыз!

Дуба:

سُبْحَانَ رَبِّكَ رَبِّ الْعِزَّةِ عَمَّا يَصِفُونَ ۞ وَسَلَامٌ عَلَى الْمُرْسَلِينَ ۞
وَالْحَمْدُ لِلَّهِ رَبِّ الْعَالَمِينَ ۞

“Субхаана раббика раббил иззати аммаа йасийфуун. Ва салаамун алал мурсалин. Ва’л-хамду лиллаахи Рабби’л-ааламин”.

Ушул аят менен аяктап колду бетке тартып бата кылынат.

САХИВ (ЖАҢЫЛУУ) САЖДАСЫ

Сахив саждасы талап кылынган учурлар.

Намаз ичинде:

А) Парздардын бирин унутуп кеч айтуу.

Б) Важиптердин бирин унутуп, кеч айтуу же жасабай калуу.

Бул кемчиликти жоюу үчүн намаздын акырында сахив саждасын кылуу важип. Парздардын бирин унутуп же билип туруп жасалбаган учурда намаз бузулат жана сахив саждасы менен толукталбайт. Мындай учурда намаздын кайрадан окуу керек. Важиптердин кайсынысын болбосун билип туруп таштаганда, сахив саждасы керек болбойт. Намаздын кайрадан окулушу зарыл.

Сахив саждасы качан жана кантип жасалат?

Намазда парздардын же важиптердин бири унутулуп кечиктирилсе, же важиптердин бири ташталса, намаздын акыркы отурушунда жалгыз ‘’Аттахийяту” гана окулуп, оң тарапка салам берилгенден кийин;

“Аллаху акбар” деп, саждага жыгылат. Бул жерде үч жолу “Субхаана Раббийа’л-алаа” деп айтылат. Кийин “Аллааху Акбар” деп туруп отурулат. Кайра “Аллаху Акбар” деп экинчи жолу саждага жыгылат. Жана үч жолу “ Субхаана Раббийа’л-алаа” айтылат жана “Аллааху Акбар” деп туруп отурулат.

Бул отурушта “Аттахийяту”, “Аллахумма салли, аллахума барик жана Раббана аатина...” дубалары окулуп, мурда оңго кийин солго салам берилет. Бул сахив (жаңылуу) саждасы деп аталат.

ТИЛАВАТ (ОКУУ) САЖДАСЫ

Тилават саждасы Аллага урмат деп эсептелинет. Кур’ан-и Каримдин он төрт сүрөөсүндө сажда аяты бар. Булардын бирин окуганга же укканга тилават саждасы важип болот.

Сажда аяты намазда окулса, тилават саждасы да намазда кылынышы керек болот. Мындай: Сажда аятынан кийин Куран окуу улантылса, сажда аяты окулганда дароо тилават саждасы кылынат. Жана кайра өйдө туруп окуусун улантат.

Эгер сажда аятынан кийин окуу улантылбаса, бир, эки, эң көп үч аят окуп дагы рукуу жана саждага барат. Мындан сырткары тилават саждасы керек эмес.

Намазда окулган сажда аятын намазда болбогон киши угуп калса, сажда кылышы керек жана намаз окуган киши намазда болбогон кишинин окуган сажда аятын укса, намаздан кийин тилават саждасын окушу керек.

Намазда сажда аятын окуган тилават саждасын намазда окуусу зарыл, намаз бүткөндөн кийин болбойт. Имам намазда сажда аятын окуса, өзү да, ага ынанган жамаат да сажда кылышат. Тилават саждасы намаз окууга жооптуу болгон кишилерге важип болот. Айыз же кырк чилдесинде болгон аялдарга важип эмес.

Тилават саждасынын окулушу:

Даарат алып кыбылага бурулат. Тилават саждасы ниети менен колдор көтөрүлбөстөн “Аллаху Акбар” деп саждага жыгылат. Саждада үч жолу “Субхаана Раббийе’л-алаа” айтылгандан кийин “Аллаху Акбар” деп турулат. өйдө

турган учурда “Гуфраанака Раббана ва илайкал масиир” деп айтуу мустахаб болот. Сажда бир жолу кылынат, саждадан кийин салам болбойт.

Кур’ан-и Каримде сажда аяты болгон он төрт сүрөө ушулар:

1) А’раф сүрөөсү (206-аят)
2) Р’ад сүрөөсү (15-аят)
3) Нахл сүрөөсү (48-аят)
4) Исра сүрөөсу (107-аят)
5) Марийам сүрөөсү (58-аят)
6) Хаж сүрөөсү (18-аят)
7) Фурхан сүрөөсү (60-аят)
8) Намл сүрөөсү (25-аят)
9) Сажда сүрөөсү (15-аят)
10) Саад сурөөсү (24-аят)
11) Фуссилат сүрөөсү (37-аят)
12) Нажм сүрөөсү (62-аят)
13) Иншикак сүрөсү (21-аят)
14) Алак сүрөөсү (19-аят)

ЖАМААТ МЕНЕН НАМАЗ ОКУУНУН СООПЧУЛУГУ

Ислам дини жамаат менен намаз окууга олуттуу маани берген. Жамаат менен намаз окуган мусулмандардын таанышты гы күчөп, бири биринен алган таасирлери аркылуу жакшы сапаттарга ээ болушат.

Жамаат менен намаз окууну улантуу менен мусулмандар ортосунда сүйүү пайда болот, бир туугандык, тилектештик сезимдер күчөйт, периштелер өндүү бир сапта катар туруп, Алла үчүн намаз окуган момундар жалгыз намаз окугандардан алда канча көп сооп табат.

Бул тууралуу ардактуу пайгамбарыбыз минтип сүйүнчү айткан: “Жамаат менен окулган намаздын сообу, жалгыз окулган намаздан жыйырма жети эсе көп болот”[3]

НАМАЗДЫН ЖАМААТ МЕНЕН ОКУЛУШУ

Намаздын биринчи ирекетинде имамга ынтыза кылгандардын абалы.

Имамдын артындагы жамаат окулчу намазга да, имамга да уюп, ниет кылат. Үлгү катарында бешим намазынын парзынын кандай окуларын көрөлү:

1) Ниет кылат: “Ниет кылдым жүзүмдү кыбылага буруп Алла ыраазычылыгы үчүн бүгүнкү бешим намазынын 4 ирекет парзын окууга, уюдум имамга”.

Жамаат менен окулган бардык намаздарда имамга уюган адам ниеттин акырында “уюдум имамга” сүйлөмүн кошот.

2) Имам “Аллаху Акбар” деп такбир айтаары менен жамаат дароо имамды ээрчип ичтен такбир айтышып колду байлайт да ичтен “Субханаканы” окуйт. Жамаат мындан башка ирекеттердин эч биринде эч нерсе окубайт. Имам “Фатиханы” бүтүргөндө гана ичинен “оомийин” дейт.

3) Рукууга барганда жамаат үч жолу “Субхаана Раббийе’л-азим” дейт. Имам “Самиаллааху лиман хамидах” деп өйдө турганда, жамаат да өйдө туруп “Раббанаа лака’л-хамд” дейт.

Саждага барганда үч ирет “Субхаана Раббийа’л-алаа” айтышат.

3 Эт-таргиб ва т-Тархип. Т.1.Б.260

4) Олтурган учурда жамаат имам менен бирге “Аттахияту”, “Аллахума саллини”, “Аллахума барикти” окуп имамды ээрчип салам берет.

Имамдын артында жамаат менен намаз окуган киши такбир алганда, рукууга барганда, рукуудан өйдө турганда, саждага жыгылганда, саждадан турганда жана салам бергенде имамды ээрчийт, андан озунуп кетпеши керек.

Бир ирекеттин рукуусунда, тактап айтканда, рукуудан тура электе ниет кылып имамга жетишкен киши ошол ирекетке жетишкен болуп саналат.

Экинчи ирекетте имамга уюгандардын абалы:

Биринчи ирекеттин рукуусуна жете албаган киши, экинчи ирекеттин рукуусуна жеткен болсо дароо ниет кылып, такбир алып имамга уюйт. Имам менен бирге намазды улантат. Акыркы отурумда “Аттахияттуну” окуп, имамдын салам беришин күтөт. Имам оң тарапка салам бергенде өзү жетише албаган ирекетти жалгыз окуу үчүн салам бербестен дароо “Аллаху Акбар” деп өйдө турат, “Субханаканы”, “Ауузу-Бисмилланы”, “Фатиханы” жана бир сүрөө окуйт. Андан кийин руку жана саждаларды кылып олтурат. “Аттахияту”, “Аллахума салли”, “Аллахума барик” менен, “Раббана Аатина”... дубасын окуй. Мурда оңго, кийин солго салам берип, намазды бүтүрөт.

Үчүнчү ирекетте имамга уюп окугандардын абалы

Төрт ирекеттүү бир намаздын үчүнчү ирекетинде имамга уюган киши, соңку отурумда “Аттахиятуну” окуп, имамдын салам беришин күтөт. Имам оң тарапка салам бергенде, өзү салам бербестен “Аллаху Акбар” деп өйдө турат жана жете албаган эки ирекетти минтии толуктайт:

“Субханака”, “Ауузу, Бисмилла” менен “Фатиханы” жана бир сүрө окуп, жогоруда айтылгандай рукуу жана саждаларын кылгандан кийин “Аллаху Акбар” деп өйдө турат. “Бисмилла” менен “Фатиха” жана бир сүрөөнү окуп,

рукуну, саждаларды кылгандан кийин отурат. “Аттахияту”, “Аллахума салли”, “Аллахума барик” жана “Раббана аатина”... дубаларын окуп, онго жана солго салам берип, намазды бүтүрөт.

Үч ирекеттүү болгон шам жана витир намаздарынын үчүнчү ирекетинде имамга уюган киши, имам менен бирге ал ирекетти окуйт. “Аттахиятуну” окуп, имамдын салам беришин күтөт. Имам оң жакка салам бергенде салам бербестен “Аллаху Акбар” деп өйдө турат. “Субханака”, “Ауузу, “Бисмилла” менен “Фатиха” жана бир сүрө окуп, рукуу жана саждаларды орундатып отурат. Бул жерде жалгыз “Аттахиятуну” окуйт жана “Аллаху Акбар” деп өйдө турат. “Бисмилланы” айтып, “Фатиха” жана сүрөө окуп, рукуу жана саждаларды жасагандан кийин олтурат. “Аттахияту”, “Аллахума салли”, “Аллахума барик” жана “Раббана аатина”... дубаларын окуп, оңго жана солго салам берип, намазын бүтүрөт.

Төрт ирекеттүү намаздын төртүнчү ирекетинде имамга уюган киши имам менен бирге ал ирекетти окуйт, акыркы жолу отурганда “Аттахиятуну” окуп күтөт. Качан имам оң жакка салам бергенден кийин өйдө туруп өзү окубай калган үч ирекетти окуп, “Аллахумма салли” жана “Аллахумма баарик” жана “Раббана аатина” дубаларын окуп, эки жакка салам берип намазын аяктайт.

Акыркы ирекеттин рукуусунан тургандан кийин имамга уюган киши имам он тарапка салам бергенде “Аллааху Акбар” деп өйдө турат. Өзү баштан аяк бүтүн ирекеттерди кылып, намазын бүтүрөт.



ЖУМА НАМАЗЫ

Жума мусулмандардын ыйык күнү. Ушул себептен бул күндү мусулмандар майрамдагыдай кубаныч менен тосуп, жууп, тазаланып, жакшы кийимдерди кийинип мечитке барышы керек. Пайгамбарыбыз (А. С.) минтип айтат:

“Ким болбосун жакшылап даарат алып жумага келип унчукпай Кутбаны угуп турса, үч күн ашыгыраак бул жумадан кийинки жумага чейинки мезгил ичиндеги кичине күнөөлөрү кечирилет”.

ЖУМА НАМАЗЫ КИМДЕРГЕ ПАРЗ?

Беш убакыт нааздан айырмаланып төмөнкү шарттар мусулман пендеде бар болсо ал адамга жума намазын окуу парз:

1)Жума намазын окуй турган мусулман эркек болушу керек. Шарты төп келген калктуу аймактын мүмкүнчүлүгү бар эркек тургундарына жума намазды окуу парз. Аялзатына парз болбогондуктан, алар жума намазына катышуу, катышпоодо өз эркине жараша. Бирок, жамаатка кошулуп жума намазын окуй турган болушса, бешим намазын окушпайт. Мындайча айтканда жума намазы эркектерде болгондой эле бешим намазынын ордун толуктайт.

2) Жума намазын окууну каалаган мусулман азаттыктагы эркин адам болушу керек. Бирөөгө көз каранды болгон кул же туткундар Жума намазын окууга милдеттүү эмес. Анткени кул же туткундагы адамдар башкалардын карамагында, көз алдында болгондуктан жамаатка кошулуп жума намазына бара албашы толук мүмкүн. Бул абал жаза

өтөөчүлөр, убактылуу кармоочу жайлардагылар же тергөөдө кармалгандарды да камтыйт. Эгер бул жайлардагы мусулмандарга шарт түзүлүп бериле турган болсо, окулган жума намаз бешим намазынын ордун толуктайт.

3)Жума намазын окуй турган мусулман өзү жашаган жерде же ага жакын аралыкта болушу кажет. Сапардагы жолоочуга жума намазын окуу парз эмес. Анткени ал сапарда же барган жерлерде кыйынчылыктарга туш болушу мүмкүн. Буюм-тайымдарын койгонго ишенимдүү орун таба албашы же сапардаштарын жоготуп алышы мүмкүн. Ушул жана башка себеперден улам жолоочуга айрым диний жеңилдиктер берилген.

4) Жума намазына тоскоолдук кыла турган үзүрү же бир өксүгү болбош керек:

А) Ооруу: Эгер намазга бара турган болсо оорусу ырбап же күчөп кете турган мусулмандарга жума намазы парз эмес. Бул шарт баса албай кыйналган кары-картаңдарга, дарты күчөп кетүү коркунучу бар оорулууну карап жаткан мусулмандарга да өтүмдүү. Күзөттөгү аскер, көзөмөлдө турган тартип сакчысы, имарат сакчысы же тынымсыз ишти талап кылган мекеменин кызматкери жуманын ордуна бешим намазын окуп койсо болот. Бирок, аталган кызматкерлердин саламаттыгы жайында болгондуктан жамаат менен жума намазын окуса дагы да орундуу болор .

Б) Азиздик же басууга дарманы жок алсыздык: Жума намазына жетелеп же көтөрүп бара турган адамы бар болсо көзү көрбөгөн азиздерге жума намазы парз болот. Көпчүлүк аалымдардын пикиринде мындай абалдагы адамга жума намазын окуш шарт эмес. Ошол эле учурда жума намазына жетелеп же көтөрүп бара турган эч бир жакыны жок азиздерге жума намазын окуу парз эмес деген көп аалмыдардын бүтүмдүү көз карашы бар. Буту шал де буту кесилген мусулмандарга, тик тура албаган оорулууларга да жума намазын окуу парз эмес.

В) Шарты жок жолоочулук же абадагы сапар: Жума намазына бара турган болсо, маанилүү деңгээлде зыянга же кыйынчылыкка туш болушуна себепкер болгон катуу бороон, нөшөрлөгөн жамгыр, күндүн катуу ысып кетиши же абанын адаттан сырт сууп кетиши сыяктуу абал пайда болгон кезде жума намазын окуунун милдеттүүлүгү кишинин мойнунан түшөт .

Г) Коркунуч; Жума намазына барган чакта кишинин жанына, мал-мүлкүнө же намысына коркунуч келе турган мусулмандарга жума намаз парз эмес.

Жума намазынын туура кабылданышынын шарттары:

1) Жуманын түшкү маалда окулушу.

2) Намаздан мурда кутба окулушу.

3) Жума намазы окулган жердин бардык кишилерге ачык болушу.

4) Имамдан башка эң аз үч кишилик (эркек) жамааттын болушу.

5) Жума намазын окуганда падыша же болбосо уруксат берген бир киши болушу.

6) Жума намазы кылынган жер шаар же шаардын өкүмүндө болушу.

Жума намазы жамаат менен бирге окулат.

6) Жума намазы кылынган жер шаар же шаардын өкүмүндө болушу.

Жума намазы, төрт ирекет алгачкы сүннөт, эки ирекет парз жана төрт ирекет акыркы сүннөт болуп он ирекеттен турат. Жума күндөрү түш маалында окулат жана ал күндүн бешим намазынын ордуна жүрөт, жума намазынын парзы жамаат менен окулат, жекече окулбайт.

Жума намазынын окулушу:

Жума күнү түшкү Азан айтылгандан кийин, алды менен

төрт ирекеттүү биринчи сүннөтү окулат. Мунун ниети мындай: “Ниет кылдым жүзүмдү кыбылага буруп Алла ыраазычылыгы үчүн бүгүнкү Жума намазынын алгачкы сүннөтүн окууга”.

Жуманын алгачкы сүннөтүнүн окулушу бешим намазынын төрт ирекет сүннөтүндөй болот. Сүннөт бүткөндөн кийин мечиттин ичинде дагы бир Азан айтылат. Имам минбарга чыгып Кутба окуйт. Кутба аяктаганда камат айтылат да жуманын эки ирекет парзы жамаат менен окулат. Имамдын артындагы жамаат мындай ниет кылат: “Ниет кылдым жүзүмдү кыбылага буруп Алла ыраазычылыгы үчүн бүгүнкү Жума намазынын парзын окууга, уюдум имамга”.

Парздан кийин жуманын төрт ирекет акыркы сүннөтү окулат. Мунун аткарылышы кудум Жуманын алгачкы сүннөтүндөй болот. “Ниет кылдым жүзүмдү кыбылага буруп Алла ыраазычылыгы үчүн Жуманын акыркы сүннөтүн окууга”.

Ушинтип жума намазы аяктайт.

АЙТ МАЙРАМ НАМАЗДАРЫ

Мусулмандардын бир жылда эки айты (майрамы) бар. Алар жалпы Ислам ааламы үчүн чоң диний майрам болуп саналат:

1) Рамазан айты (майрамы)
2) Курман айты (майрамы)

Жума намазы парз болгон кишилерге, айт намаздарын окуу важип. Айт намазы болгону эки ирекет болуп, жамаат менен бирге окулат. Айт намаздарында азан жана камат айтылбайт. Айт кутбасы сүннөт болуп саналат. Ал намаздан кийин окулат. Жума кутбасы болсо парз жана намаздан мурда окулат.

Башка намаздардан айырмасы айт намаздарынын биринчи ирекетинде үч, экинчи ирекетинде да үч жолу болуп, кошумча алты такбир айтылат. Булар “Заваид Такбирлери” деп аталат.

Айт намазынын окулушу

Рамазан айт намазы. Биринчи ирекет:

1) Жамаат катар болуп имамдын артында турат. “Ниет кылдым жүзүмдү кыбылага буруп Алла ыраазычылыгы үчүн “Рамазан айт” намазын окуганга, уюдум имамга” деп ниет кылат.

2) Имам “Аллааху акбар” деп колдорун өйдө көтөргөндө, жамаат да имамдын артынан “Аллааху акбар” деп такбир айтып кол байлайт.

3) Имам да, жамаат да ичинен “Субхаанаканы” окуйт. Мындан кийин үч жолу такбир айтылат. Такбирлер мындай:

Биринчи такбир: Имам жарыя түрдө, жамаат болсо анын артынан купуя түрдө “Аллааху акбар” деп (ифтитах такбириндегидей) колдорун жогору көтөрүп, кийин ылдый түшүрөт. Бул жерде кыска бир мөөнөт токтолот.

Экинчи такбир: Экинчи жолу “Аллааху акбар” деп колдор жогору көтөрүлөт жана ылдый түшүрүлөт, ошондой эле бул жерде дагы биринчидегидей бир аз убакытка токтолот.

Үчүнчү такбир: Кийин кайра “Аллааху акбар” делинип, колдор жогору көтөрүлөт, анан ылдыйга түшүрүлбөстөн киндик астына байланат.

4) Мындан кийин имам ичинен “Ауузу, Бисмилланы” айтып добушун көтөрө “Фатихага” жалгап бир сүрөө окуйт. (Жамаат эч нерсе окубайт, имамды тыңшайт).

5) Рукуу менен саждалар орундалып өйдө (экинчи ирекетке) турулган соң колдор байланат.

Экинчи ирекет:

6) Имам ичинен “Бисмилланы” айткан соң добушун көтөрүп “Фатихага” жана бир сүрөө жалгап окуйт. Сүрөө аяктаганда имам көтөрүңкү добуш менен, жамаат да ичинен (биринчи ирекеттегидей) үч жолу такбир айтышат, үчүнчү такбирден кийин колдор байланбастан, төртүнчү такбир менен рукууга барылат. Кийин саждалар орундалып акыркы отурумга отурушат.

7) Отурушта имам жана жамаат “Аттахийяту”, “Аллаахумма салли”, “Аллаахумма барик” жана “Раббанаа аатинаа”... дубасын окуп, оболу оңго, кийин солго салам берип намазды бүтүшөт. Намаздан кийин Кутба окулат.

Курман айт намазы:

1) “Ниет кылдым жүзүмдү кыбылага буруп Алла ыраазычылыгы үчүн Курман айт намазын окуганга, уюдум имамга” деп ниет кылынат.

2) Имам “Аллааху акбар” деп ифтитах такбирин айтканда, артындагы жамаат ага кошулуп “Аллааху акбар” деп колдорун жогору көтөргөндөн кийин киндик астына байлашат.

Ниеттен кийин Рамазан айттагыдай окулат. Намаз бүткөндөн кийин Кутба окулат.

ТАШРИК ТАКБИРЛЕРИ:

Курман айтынан бир күн мурда “Арафа” күнүнүн багымдат намазынан баштап айттын төртүнчү күнүнүн дигер намазына чейин жыйырма үч маал парз намаздарынын артынан бир жолу:

اَللّٰهُ اَكْبَرُ اَللّٰهُ اَكْبَرُ لاَ اِلٰهَ اِلاَّ اللّٰهُ وَاللّٰهُ اَكْبَرُ اَللّٰهُ اَكْبَرُ وَلِلّٰهِ الْحَمْدُ

“Аллааху акбар, Аллааху акбар, Лаа илааха иллаллааху валлааху акбар. Аллааху акбар ва лиллаахи’л-хамд”– деп такбир айтуу важип.

Бул такбир жамаатка да, жалгыз кишиге да, жүргүнчүгө да, жүргүнчү эмеске да, эркекке да, аялга да важип.

Ташрык такбирлери күндөрүндө окулбаган намаздар, ташрык күндөрүндө каза кылынса, Ташрык такбирлерин айтуу керек. Ташрык күндөрү өткөндөн кийин каза болсо, такбир айтылбайт.

Айттагы милдеттерибиз:

Айт күнү эртең менен туруу, жуунуу, тишти тазалоо, жакшы кийимдерди кийүү, жыпар жыттар себинип, мечитке баруу, жолуккан кишилер менен күлө багып учурашуу, жардыларга жардам берип сүйүндүрүү, мусулман туугандарыбызды айты менен куттуктоо, улууларды зыярат кылуу, маркум болгон тууган-туушкандар үчүн садага берүү, куран окуу жана дуба кылуу, таарынычтарды жазуу, таарынгандарды жараштыруу, балдарга белек берип сүйүнтүү айт күндөрүндө жасалуучу милдеттерибизден болот.

ОТУРУП ЖАНА ИШАРАТ МЕНЕН НАМАЗ ОКУУ

Ислам дининде кыйынчылык болбойт. Ибадаттар адамдын күчүнө, кубатына ылайык болот. Намазды өйдө туруп окуй албагандар, отуруп окуйт.

Бул учурда намазда өйдө болгон учурда жасалышы керек болгон милдеттерди отурган жеринен жасашат. Кийин эңкейип рукуу кылат, рукуудан тургандан кийин саждага жыгылат, ушундайча улантып намазын бүтүрөт.

Эгерде маңдайын жерге коюп сажда кылууга кубаты жетпесе, башы менен ишарат кылып намаз окуйт. Бул “Ишарат менен намаз” деп аталат. Рукуу жана саждага белги

катарында башты эңкейтет, саждада болсо рукуудан дагы кебүрөөк эңкейтет. Эгерде сажда үчүн башын рукуудагыдан дагы көп эңкейтсе окуган намазы туура болбойт.

Оорусу отура албаган абалда болсо, каалагандай жатып, баштын ишараты менен намазын окуйт. Башы менен ишарат кылганга күчү жетпегендер намазды кийинкиге калтырат.

САПАР НАМАЗЫ

Орточо жүрүш менен 18 саатка созулган (90 километрге жакын) бир жерге баруу үчүн айылынан, шаарынан чыккандар конок (жолоочу же жүргүнчү) делинет.

Жашаган айыл же шаарынан жолго чыккан адам барчу жерине жеткиче конок эсептелгениндей, барган жеринде 15 күндөн аз турса да конок болуп эсептелет. Бул мөөнөт 15 күндөн ашса, конок (жолоочу) эсептелбейт.

Ислам дининде конок (жолоочу) болгондор үчүн кээ бир жеңилдиктер келтирилген.

Сапарга чыккан адам төрт ирекеттик парз намаздарынын эки ирекетин окуйт. Багымдат намазынын эки ирекет парзы менен шам намазынын үч ирекет парзын жана витир намазын толук окуйт Саякат маалында убакыт ыңгайлуу болсо, сүннөттөр кыскартылбастан окулат. Конок киши, төрт ирекеттик парз намаздарда конок эмес имамга уюган болсо, имам менен бирге парзды төрт ирекет окуйт. Имамга алгачкы ирекеттен кийин уюган болсо, имам салам бергенден кийин, намазын бүтүрөт. Конок киши конок эместерге имамдык кылса, экинчи ирекеттин соңунда салам берет, конок эмес жамаат өзүлөрү төрт ирекетти жасайт. Конок саякат маалында окуй албаган төрт ирекеттик намаздарды саякаттан кийин эки ирекет окуп каза кылат. Конок даарат алып кийген маасы менен үч күн, үч түн масх кыла алат...

Конок кааласа Рамазанда орозосун кармайт, кааласа кийинкиге калтырып жерине кайтканда кармайт. Орозо кармаганга бир кыйынчылык болбосо, орозону кармаса

дагы жакшы болот. Конок жума жана айт намаздарын да кылбоосу мүмкүн. Кылса да болот. Жума намазын окуй албаса, бешимди окуйт.

Мына булар сапардын кыйынчылыктарын эске алып, ислам дининин конокко берген жеңилдиктери болот.

ӨТКӨН НАМАЗДАРДЫН КАЗАСЫ

Намаз убактысында окулса “Ада”, убактысы өткөндөн кийин окулса, “Каза”,– деп аталат. Намазды билип туруп кечиримдүү себеп болбостон убактысынан кийинкиге калтыруу чоң күнөө. Намаз каза кылынып орду толукталат. Бирок убактысынан кийинкиге калтырылганы үчүн Жанабы Алладан кечирим тилөө керек.

Беш маал намаздын парздары менен витир намазы каза кылынат, убакыт өткөндөн кийин сүннөттөрдүн казасы болбойт. Жалгыз багымдат намазын убактысында окуй албаган киши шашке маалга чейин парз менен сүннөттү да каза кылат. Каза намазын окуу үчүн белгилуү бир маал жок. Күндүз да, түн ичинде да, ар маалда окулат. Жалгыз гана үч макүрөө убакытта, күн чыккан учурда, дал түштө жана күн батаарда окулбайт.

Өткөн намаздарды каза кылганда кайсы кундүн кайсы маалдагы намазы болгонун биле албаса, мындай айтат: “Ниет кылдым Алла ыраазычылыгы үчүн каза кылган биринчи багымдат намазынын парзын окууга”, тиги намаздар үчүн да, казага калган биринчи бешим, ... биринчи дигер, ...биринчи шам, ...биринчи куптан, ...биринчи витир намазы деп ниет кылат.

ЖАНАЗА НАМАЗЫ

Жаназа намаз парзы кифайа болот. Кайтыш болгон адам баласы үчүн дуба деп эсептелинет. Мусулман тууганынын күнөө жана кемчиликтеринин кечирилишин Кудайдан тилеп ага карата акыркы вазийпаны кылуу.

Кимдердин жаназа намазы окулат:

Кайтыш болгон адам баласынын жаназа намазынын окулушу үчүн алты шарттын болушу керек. Бул шарттар ушулар:

1) Маркумдун мусулман болушу.

2) Таза болушу (Таза жуулуп, кепинге оролушу).

3) Жамаат алдында болушу.

4) Маркумдун бүт денеси же денесинин жартысынан көбүрөөгү же болбосо башы менен денесинин жартысы болушу.

5) Жаназа намазын окуган кишинин (майып болбосо) өйдө туруп окуусу.

6) Жаназанын жерде болушу адамдардын ийининде же бир жаныбардын үстүнде болбошу.

Жаназа намазынын парздары жетиштүү болгону үчүн, кээ бир мусулмандар бул намазды окуса, башка бирөөлөр үчүн окушу зарыл болбойт. Тиги намаздарды бузган нерселер жаназа намазын да бузат. Намаз окулушу макүрөө болгон үч маалдан сырткары убакыттын баарында жаназа намазы окулат.

Жаназа намазынын шарттары төрт такбир менен кыям, Салам (берүү важип. Жаназа намазында рукуу менен сажда болбойт.

Жаназа намазынын сүннөттөрү:

1) Намазды окуй турган имамдын маркумдун көкүрөгүнүн тушунда турушу.

2) Биринчи такбирден кийин “Субханака”ны окуу.

3) Үчүнчү такбирден кийин “Аллаахумма салли жана Алдаахумма барик”ти окуу.

4) Үчүнчү такбирден кийин дуба окуу.

ЖАНАЗА НАМАЗЫНЫН ОКУЛУШУ

Жаназа жуулуп жана кепинделип, намаз окула турган жерге “Муссаллага” (жаназа окулуучу там текче) коюлат. Жаназа жамааттын алдында турат. Намазды окуучу имам маркумдун көкүрөгүнүн тушунда турат. Жамаат тикесинен, кыбылага карап имамдын артында сапка турат. Жамааттын үч сапта болушу дурус болот.

Ниет кылганда өлүктүн эркек, аял, уул бала же кыз бала болгону айтылат.

Намазды окуткан имам: **“Ниет кылдым Алла ыраазычылыгы үчүн даяр болгон жаназа намазын окууга (өлүк эркек болсо) ушул эркек үчүн дубага”**,– деп ниет кылат.

Өлүк аял болсо, **“ушул аял үчүн дубага”**

Өлүк уул бала болсо, **“ушул уул бала үчүн дубага”**

Өлүк кыз бала болсо, **“ушул кыз бала үчүн дубага”**,– деп айтылат.

Имамдын артындагы жамаат: **“Ниет кылдым Алла ыраазычылыгы үчүң даяр болгон жаназа намазын окууга (өлүк эркек болсо) ушул эркек үчүн дубага, уюдум имамга”**– деп айтышат.

Өлүк аял болсо, **“ушул аял үчүн дубага”**

Өлүк уул бала болсо, **“ушул уул бала үчүн дубага”**

Өлүк кыз бала болсо, **“ушул кыз бала үчүн дубага”** деп айтышат.

Жамааттан бирөө өлүктүн эркек же аял экенин билбесе, мындай ниет кылат: **“Ниет кылдым Алла ыраазычылыгы үчүн имамдын намазын окуучу ушул жаназа намазын окууга, өлүк үчүн дубага, уюдум имамга”.**

Ниет бүткөндөн кийин имам көтөрүңкү добуш менен, анын артынан жамаат ичинен “Аллааху акбар” деп биринчи такбирди алып, тиги намаздагыдай колдорун кулак көнчөгүнө төшөп, кийин колдорун түшүрүп, киндик астына айкалыштырат.

Имам жана жамаат ичинен “Субханаканы” окушат. “Субханакада” тиги намаздарда окулбаган “ва жалла санааук” сүйлөмү да окулат.

Субханака” окулгандан кийин колдор көтөрүлбөстөн имам добушун көтөрүп, жамаат ичинен “Аллааху акбар” деп экинчи такбирди келтиришет. Имам да жамаат да ичинен “Аллаахумма салли” жана “Аллаахумма барик”ти окуйт.

Кийин колдор көтөрүлбөстөн кайра “Аллааху акбар” деп үчүнчү такбир келтирилет жана жаназа дубасы окулат. Жаназа дубасын билбегендер анын ордуна кунут дубаларын окуйт. “Кунут” дубаларын да билбегендер “Раббаана аатина фиддуняа хасанатав ва фил’аахирати хасанатан ва кина азаабаннаар” аятын окуйт.

Мындан кийин колдор көтөрүлбөстөн кайра “Аллааху акбар” деп төртүнчү такбир келтирилет жана эч нерсе окулбастан, мурда баш оң тарапка бурулуп “Ассалааму алайкум ва рахматуллаах” деп айтылат. Кийин баш сол тарапка бурулуп “Ассалааму алайкум ва рахматуллаах” делинет да жаназа намазы бүтөт.

Жаназа намазында үчүнчү такбирден кийин окулган дубалар: ар жаназа үчүн мурда ушу дуба окулат.

Окулушу: “Аллаахуммагфир ли хаййинаа ва маййитинаа ва шаахидинаа ва гаабинаа ва закаринаа ва унсаанаа ва кабиринаа.

Аллаахумма ман ахйайтахуу минаа фа ахйихии ала’л-ислаами ва ман таваффайтаху миннаа фатаваффаху ала’л-иман”.

Жаназа намазында үчүнчү такбирден кийин окулган дубалар:

Ар жаназа үчүн мурда ушул дуба окулат.

اَللّٰهُمَّ اغْفِرْ لِحَيِّنَا وَمَيِّتِنَا وَشَاهِدِنَا وَغَائِبِنَا وَذَكَرِنَا وَأُنْثَانَا وَصَغِيرِنَا وَكَبِيرِنَا.

اَللّٰهُمَّ مَنْ اَحْيَيْتَهُ مِنَّا فَاَحْيِهِ عَلَى الْاِسْلَامِ وَمَنْ تَوَفَّيْتَهُ مِنَّا فَتَوَفَّهُ عَلَى الْاِيمَانِ

Окулушу: “Аллаахуммагфир ли хаййинаа ва маййитинаа ва шаахидинаа ва гааибинаа ва закаринаа ва унсаанаа ва кабиринаа.

Аллахумма ман ахйайтахуу минаа фа ахйихии ала’л-ислаами ва ман таваффайтаху минаа фатаваффаху ала’-иман”.

Мааниси: “Оо, Кудай! Тирүүлөрүбүздү, өлгөндөрүбүздү, бул жерде барларыбызды, жокторубузду, эркегибизди, аялыбызды, балдарыбызды, чоңдорубузду кечир.

Оо, Кудай! Бизден таралуучу урпактарды Ислам дининде жарат!.. бизден ажалы жетип өлтүрө тургандарыңды да ыйманы менен жанын ал”.

Бул дубадан кийин өлүктүн ким болгонуна жараша (эркек, аял, кыз бала, же уул бала) төмөндөгү дубалардан бирөө окулат. Мындай:

1) Жаназа эркек болсо. Ушу дуба окулат:

وَخُصَّ هٰذَا الْمَيِّتَ بِالرَّوْحِ وَالرَّاحَةِ وَالْمَغْفِرَةِ وَالرِّضْوَانِ. اَللّٰهُمَّ اِنْ كَانَ مُحْسِناً فَزِدْ فِي اِحْسَانِهِ وَاِنْ كَانَ مُسِيئاً فَتَجَاوَزْ عَنْهُ وَلَقِّهِ الْاَمْنَ وَالْبُشْرٰى وَالْكَرَامَةَ وَالزُّلْفٰى بِرَحْمَتِكَ يَا اَرْحَمَ الرَّاحِمِينَ.

Окулушу: “Ва хусса хаазал’маййита бирравхи варрахати вал’магфирати варризваан. Аллаахумма ин каана мухсинан фазид фии ихсанихи ва ин каана мусииан фатажааваз анху ва лаккихил’амна вал’бушраа вал караамата ваз’зулфаа бирахматика яа архамарраахимин”.

Мааниси: “Кудайым! Бул өлүктү өзгөчө ырайымыңа, ыракаттыкка, кечиримге жана ыраазычылыкка карк кыл.

Аллам! Бул өлүк бирөөлөргө жакшылык кылган болсо, эми Сен да анын акысын ашыра кайтар, эгерде жамандык кылган болсо, аны жазалоодон баш тарт. Күнөөлөрүн кеч.

Бул өлүктү коркунучтан куткар, ырайымың менен сүйүнт, аны акырет урматына жана бийик даражага жеткиз.

Эй! Кайрымдуулардын эң кайрымдуусуАллам”

2) Жаназа аял болсо ушу дуба окулат:

وَخُصَّ هٰذِهِ الْمَيِّتَةَ بِالرَّوْحِ وَالرَّاحَةِ وَالْمَغْفِرَةِ وَالرِّضْوَانِ. اَللّٰهُمَّ اِنْ كَانَتْ مُحْسِنَةً فَزِدْ فِى اِحْسَانِهَا وَاِنْ كَانَتْ مُسِيئَةً فَتَجَاوَزْ عَنْهَا وَلَقِّهَا الْاَمْنَ وَالْبُشْرٰى وَالْكَرَامَةَ وَالزُّلْفٰى بِرَحْمَتِكَ يَا اَرْحَمَ الرَّاحِمِينَ.

Окулушу: “Ва хусса хаазал’маййитата бирравхи варрахати вал’магфирати варризваан. Аллаахумма ин каанат мухсинатан фазид фии ихсанихаа ва ин каанат мусииатан фатажааваз анхаа ва лаккихил’амна вал’бушраа вал караамата ваз’зулфаа би рахматика яа архамарраахимин”.

Мааниси: “Кудайым! Бул өлүктү өзгөчө ырайымыңа, ыракаттыкка, кечиримге жана ыраазычылыкка карк кыл.

Аллам! Бул өлүк бирөөлөргө жакшылык кылган болсо, эми Сен да анын акысын ашыра кайтар, эгерде жаман иштерди жасаса, аны жазалоодон баш тарт. Күнөөлөрүн кеч.

Бул өлүктү коркунучтан куткар, ырайымың менен сүйүнт, аны акырет урматына жана бийик даражага жеткиз.

Эй! Коолдоочулардын эң кайрымдуусу Аллам”.

3) Жаназа уул бала болсо ушу дуба окулат

اَللّٰهُمَّ اجْعَلْهُ لَنَا فَرَطاً وَاجْعَلْهُ لَنَا اَجْراً وَذُخْراً وَاجْعَلْهُ لَنَا شَافِعاً وَمُشَفَّعا

Окулушу: “Аллаахуммаж’алху ланаа фаратан важ’алху ланаа ажран ва зухран важ’алху ланаа шаафиан ва мушаффааа”.

Мааниси: “Аллам! Бул баланы бизди жаннатта тосуп алуучу жана акырет белеги кыл...

Аллам! Бул баланы биз үчүн жактоочу кыл жана жактоосун жагымдуу кыл”.

4) Жаназа кыз бала болсо ушу дуба окулат:

اَللّٰهُمَّ اجْعَلْهَا لَنَا فَرَطاً وَاجْعَلْهَا لَنَا اَجْراً وَذُخْراً وَاجْعَلْهَا لَنَا شَافِعَةً وَمُشَفَّعَةً

Окулушу: “Аллаахуммаж’алхаа ланаа фаратан важ’алхаа ланаа ажран ва зухран важ’алхаа ланаа шаафиатан ва мушаффааах”.

Мааниси: “Аллам! Бул баланы бизди жаннатта тосуп алуучу жана акырет белеги кыл...

Аллам! Бул баланы биз үчүн жактоочу кыл жана жактоосун жагымдуу кыл”.

Жаназа дубаларын билбегендер ушу аятты дуба ниети менен окуй алышат:

رَبَّنَآ اٰتِنَا فِى الدُّنْيَا حَسَنَةً وَفِى الْاٰخِرَةِ حَسَنَةً وَقِنَا عَذَابَ النَّارِ

Окулушу: “Раббаана аатина фиддуня хасанатан ва фил аахирати хасанатан ва кина азабаннаар”.

Мааниси: “Оо, Кудай! Бизге бу дүйнөдө жакшылык, сулуулук, акыретте да жакшылык, сулуулук бер жана бизди тозоктун азабынан корго...”

НАМАЗДАРДА ОКУЛГАН ДУБАЛАР

СУБХАНАКА

Ар намазда өйдө кыямда турганда, биринчи ирекеттин башында, ниет кылгандан кийин окулат.

Окулуучу жерлер:

1) Ар намаздын алгачкы ирекетинде ифтитах такбиринен кийин,

2) Дигер намазынын сүннөтүндө үчүнчү ирекетке турганда “Фатихадан” мурда,

3) Куптан намазынын алгачкы сүннөтүндө үчүнчү ирекетке турганда “Фатихадан” мурда,

4) Тараба намазы, төрт ирекетте бир салам берилип окулган болсо, үчүнчү ирекетке турганда “Фатихадан” мурда,

5) Жаназа намазынын биринчи такбиринен кийин.

سُبْحَانَ اللّٰهِ وَالْحَمْدُ لِلّٰهِ وَلاَ اِلٰهَ اِلاَّ اللّٰهُ وَاللّٰهُ اَكْبَرُ وَلاَ حَوْلَ وَلاَ قُوَّةَ اِلاَّ بِاللّٰهِ الْعَلِيِّ الْعَظِيمِ

Окулушу: **“Субханакаллахумма ва би хамдик ва табааракасмук ва тааалаа жаддук (ва жалла санааук) ва лаа илааха гайрук”**

Мааниси: “Аллам! Сен кемчилик сапаттардан таза жана алыссың. Сени дайым актаймын жана мактаймын. Сенин Атың мубарак. Даражаң өтө жогору. Сенден башка теңир жок”.

“Субханака” дубасы жаназа намазында кашаага алынган “ва жалла санааук” сүйлөмү менен бирге окулат.

АТТАХИЙЯТУ

اَلتَّحِيَّاتُ لِلّٰهِ وَالصَّلَوَاتُ وَالطَّيِّبَاتُ اَلسَّلَامُ عَلَيْكَ اَيُّهَا النَّبِيُّ وَرَحْمَةُ اللّٰهِ وَبَرَكَاتُهُ اَلسَّلَامُ عَلَيْنَا وَعَلٰى عِبَادِ اللّٰهِ الصَّالِحِينَ اَشْهَدُ اَنْ لَّا اِلٰهَ اِلَّا اللّٰهُ وَاَشْهَدُ اَنَّ مُحَمَّداً عَبْدُهُ وَرَسُولُهُ.

Окулуучу жерлер:

Намаздын ар отурушунда окулат.

Окулушу: **“Аттахийяту лиллахи вассалавату ва ваттайийбаат. Ассалааму алайка аййухан-Набийю ва рахматуллаахи ва баракаатух, Ассалааму алайна ва алаа ибадиллаахис-Саалихин. Ашхаду ан лаа илааха иллаллаах ва ашхаду анна Мухаммадан абдуху ва Расуулух”**

Мааниси: Тил менен, дене менен жана мүлк менен кылынган ибадаттардын баары Алла үчүн.

Эй, Пайгамбар! Алланын саламы, ырайымы жана берекеттери сени жалгасын. Салам бизге жана Алланын бүтүн жакшы инсандарына келсин. Алладан башка Теңир жогуна күбөлүк берем. Мухаммад Анын кулу жана Пайгамбары экенине да күбөлүк берем.

АЛЛААХУММА САЛЛИ ЖАНА АЛЛААХУММА БАРИК

Окулуучу жерлер:

1) Бүт намаздардын акыркы отурумунда “Аттахийяту” дан кийин,

2) Дигер намазынын сүннөтү,

3) Жаназа намазында экинчи такбирден кийин.

اَللّٰهُمَّ صَلِّ عَلٰى مُحَمَّدٍ وَعَلٰى اٰلِ مُحَمَّدٍ كَمَا صَلَّيْتَ عَلٰى اِبْرٰهِيمَ وَعَلٰى اٰلِ اِبْرٰهِيمَ اِنَّكَ حَمِيدٌ مَجِيدٌ.

Окулушу: **“Аллаахумма салли алаа Мухаммадин ва алаа аали о Мухаммад. Камаа саллайта алаа Ибрахима ва алаа аали Ибрахим. Иннака хамидун мажид”.**

Мааниси: Эй, Аллам! Ибрахимге жана Ибрахимдин урпактарына ырайым кылган сыяктуу Мухаммадга жана анын урпактарына ырайым кыл, урматын жогорулат. Шексиз мактоого ылайык жалгыз Сенсиң, даңк жана урмат ээси да Сенсиң.

اَللّٰهُمَّ بَارِكْ عَلٰى مُحَمَّدٍ وَعَلٰٓى اٰلِ مُحَمَّدٍ كَمَا بَارَكْتَ عَلٰٓى اِبْرٰهِيمَ
وَعَلٰٓى اٰلِ اِبْرٰهِيمَ اِنَّكَ حَمِيدٌ مَجِيدٌ

Окулушу: **“Аллаахумма барик алаа Мухаммадин ва алаа аали Мухаммад. Камаа бараста алаа Ибрахима ва алаа аали Ибрахим. Иннака хамидун мажид”.**

Мааниси: Эй, Аллам! Ибрахимге жана Ибрахимдин урпактарына ырайым кылган сыяктуу Мухаммадга жана анын урпактарына кайыр жана берекет кыл. Шексиз макталууга ылайык жалгыз Сенсиң, даңк жана урмат ээси да Сенсиң.

РАББАНАА ААТИНА ЖАНА РАББАНАГФИРЛИ:

Окулуучу жерлер:

1. Намаздагы отурумдарда “Аллаахумма салли алаа” жана “Аллахумма бариктен” кийин,

2. Кунут дубаларын билбегендер витир намазында анын ордуна “Раббанаа аатина” аятын окуй алат,

3. Жаназа намазында үчүнчү такбирден кийин окулуучу дубаларды билбегендер булардын ордуна “Раббанаа аатина” аятын дуба ниети менен окуса болот.

رَبَّنَآ اٰتِنَا فِى الدُّنْيَا حَسَنَةً وَفِى الْاٰخِرَةِ حَسَنَةً وَقِنَا عَذَابَ النَّارِ

Окулушу: **“Раббаана аатина фиддуня хасанатан ва фил аахирати хасанатан ва кина азабаннаар. Бирахматика яа Архамаррахимин”.**

Мааниси: “Оо Аллам! Бизге дүйнөдө жакшылык, сулуулук, акыретте да жакшылык, сулуулук бер жана бизди тозоктун азабынан корго...”

رَبَّنَا اغْفِرْ لِى وَلِوَالِدَىَّ وَلِلْمُؤْمِنِينَ يَوْمَ يَقُومُ الْحِسَابُ

Окулушу: **Раббанаагфирлии ва ли-ваалидаййа ва лил-Му’миниина йавма йакумул хисааб”**

Мааниси: Оо Кудай! Мени, энемди, атамды жана бүтүн момундарды эсеп күнүндө (бүт элдин суракка тартылган күнүндө) ырайым кыл.

КУНУТ ДУБАЛАРЫ

Витир намазынын үчүнчү ирекетинде “Фатиха” жана сүрөө окулгандан кийин колдор көтөрүлүп такбир алынат жана кайра кол байланган соң кунут дубалары окулат.

اَللّٰهُمَّ اِنَّا نَسْتَعِينُكَ وَنَسْتَغْفِرُكَ وَنَسْتَهْدِيكَ * وَنُؤْمِنُ بِكَ وَنَتُوبُ اِلَيْكَ * وَنَتَوَكَّلُ عَلَيْكَ * وَنُثْنِى عَلَيْكَ الْخَيْرَ كُلَّهُ نَشْكُرُكَ وَلاَ نَكْفُرُكَ * وَنَخْلَعُ وَنَتْرُكُ مَنْ يَفْجُرُكَ *

اَللّٰهُمَّ اِيَّاكَ نَعْبُدُ وَلَكَ نُصَلِّى وَنَسْجُدُ * وَاِلَيْكَ نَسْعَى وَنَحْفِدُ نَرْجُو رَحْمَتَكَ وَنَخْشَى عَذَابَكَ * اِنَّ عَذَابَكَ بِالْكُفَّارِ مُلْحِقٌ *

Окулушу: **Аллаахумма иннаа настаиинука ва настагфирука ва настахдик. Ва нумину бика ва натуубу илайк. Ва натаваккалу алайка ва нусни алайкал-хайра куллахуу нашкурука ва лаа накфурука ва нахлау ва натруку ман йафжурук.**

Аллаахумма иййаака на'буду ва лака нусаллии ва насжуду ва илайка насаа ва нахфиду наржуу рахматака ва нахшаа азаабака инна азаабака билкуффари мулхик.

Мааниси: Эй Алла! Сенден жардам каалайбыз, күнөөлөрүбүздү кечүүңдү тилейбиз. Сага ишенебиз, сага тооба кылабыз. Сага ынанабыз. Бизге берген бүт жакшылыгыңды билип, сени кайыр менен мактайбыз. Сага шүгүрчүлүк кылабыз. Эч бир жакшылыгыңды танбайбыз жана аларды башкалардан деп билбейбиз. Сенин бергендериңди танган жана сага каршы келгенди жолотпойбуз.

Аллам! Биз бир гана сага кулдук кылабыз. Намазды жалгыз сен үчүн окуйбуз, бир гана сага сажда кылабыз. Сага кошор, сага жакындатар нерселерге ээ болууга тырышабыз. Ибадаттарды сүйүнүч менен кылабыз. Ырайымыңдын уланышын жана көбөйүшүн тилейбиз. Азабынан коркобуз, сенин азабың каапырларга жана ишенимсиздерге экени шексиз.

НАМАЗДАРДА ОКУЛГАН КЭЭ БИР СҮРӨӨЛӨР[3]

ФАТИХА СҮРӨӨСҮ:

Намазда тик турган абалда

بِسْمِ اللّٰهِ الرَّحْمٰنِ الرَّحِيمِ

اَلْحَمْدُ لِلّٰهِ رَبِّ الْعَالَمِينَ ۞ اَلرَّحْمٰنِ الرَّحِيمِ ۞ مَالِكِ يَوْمِ الدِّينِ ۞
اِيَّاكَ نَعْبُدُ وَاِيَّاكَ نَسْتَعِينُ ۞ اِهْدِنَا الصِّرَاطَ الْمُسْتَقِيمَ ۞ صِرَاطَ
الَّذِينَ اَنْعَمْتَ عَلَيْهِمْ غَيْرِ الْمَغْضُوبِ عَلَيْهِمْ وَلَا الضَّالِّينَ ۞

Окулушу: **Алхамду лиллаахи рабби'л-ааламин. Аррахмаанирраxиим. Маалики йавмиддин. Иййаака на'буду ва иййаака наста'ин. Ихдинассираатал мустакиим. Сирааталлазина ан'амта алайхим гайрилмагзуби алайхим ва лаззааллин.**

Мааниси: Шүгүрчүлүк ааламдардын Раббы, кайрымдуу, кайрымдуулук кыла билген жана Дин күнүнүн ээси Аллага гана тиешелүү. Аллам! Бир гана Сага кулдук кылабыз жана бир гана Сенден жардам тилейбиз. Бизди туура жолго сал, жакшылыккажеткиргенкулдарыңдын,кааргакалбагандардын жана жолуңан адашпагандардын жолуна сал!

ФИИЛ СҮРӨӨСҮ:

Бул жана мындан кийинки келген сүрөөлөр намаздарда аякта тикесинен туруп жана "Фатихадан" кийин окулат.

بِسْمِ اللَّهِ الرَّحْمَنِ الرَّحِيمِ

اَلَمْ تَرَ كَيْفَ فَعَلَ رَبُّكَ بِاَصْحَابِ الْفِيلِ * اَلَمْ يَجْعَلْ كَيْدَهُمْ فِى تَضْلِيلٍ * وَاَرْسَلَ عَلَيْهِمْ طَيْرًا اَبَابِيلَ * تَرْمِيهِمْ بِحِجَارَةٍ مِنْ سِجِّيلٍ * فَجَعَلَهُمْ كَعَصْفٍ مَاْكُولٍ *

Окулушу: **Алам тара кайфа фа'ала раббука биасхаабилфийл. Алам йаж'ал кайдахум фи тазлиил. Ва арсала алайхим тайран абаабил. Тармиихим бихижааратин мин сижжиил. Фажа алахум ка'асфин ма'куул.**

---

3 Маанилүү түшүндүрүү: Жаттап алганга жеңил болсун үчүн дубалардын окулуштары кыргыз алфавити менен жазылган.

Бирок сүрөө жана дубаларды өз алдынча кирилл тамгасы менен туура окуп үйрөнүү мүмкүн эмес болгондуктан буларды жакшы билген окутуучунун оозунан жаңылышсыз үйрөнүү керек. Намаз сүрөөлөрүнүн маанисин бузулгудай жаңылыш окуу намаздын бузулуша себеп болот. Ушул себептен сүрөө жана дубалардын туура жатталышына көңүл буруш керек.

Мааниси: Эй, Мухаммад! (Каабаны кыйратуу үчүн келген) пил ээлерине Кудайдын эмне кылганын көрбөдүңбү? Алардын айлакердиктерин текке кетирбедиби. Алардын үстүнөн катуу таштарды таштамакка топ куштарды жиберди. Акырында аларды жер менен жексен кылды.

КУРАЙШ СҮРӨӨСҮ:

بِسْمِ اللّٰهِ الرَّحْمٰنِ الرَّحِيمِ

لِاِيلَافِ قُرَيْشٍ ۞ اِيلَافِهِمْ رِحْلَةَ الشِّتَآءِ وَالصَّيْفِ ۞ فَلْيَعْبُدُوا رَبَّ
هٰذَا الْبَيْتِ ۞ اَلَّذِىٓ اَطْعَمَهُمْ مِنْ جُوعٍ وَّاٰمَنَهُمْ مِنْ خَوْفٍ ۞

Окулушу: **Ли'ии лаафи курайш'ин. Иилафихим рихлаташшитааи вассайф. Фаля'буду рабба хаазалбайт. Аллазии ат'амахум мин жууин ва ааманахум мин хавф.**

Мааниси: Курайш уругунун жайкы жана кышкы сапарларындагы өз ара келишүүсү жана түшүнүүсү камсыздалган. Ошондуктан өзүлөрүн ачта тойгузган жана коркондо ишеним берген бул Кааба нын Раббына кулдук кылышсын.

МААУУН СҮРӨӨСҮ:

بِسْمِ اللّٰهِ الرَّحْمٰنِ الرَّحِيمِ

اَرَاَيْتَ الَّذِى يُكَذِّبُ بِالدِّينِ ۞ فَذٰلِكَ الَّذِى يَدُعُّ الْيَتِيمَ ۞ وَلَا يَحُضُّ
عَلٰى طَعَامِ الْمِسْكِينِ ۞ فَوَيْلٌ لِّلْمُصَلِّينَ ۞ اَلَّذِينَ هُمْ عَنْ صَلَاتِهِمْ
سَاهُونَ ۞ اَلَّذِينَ هُمْ يُرَآءُونَ ۞ وَيَمْنَعُونَ الْمَاعُونَ ۞

Окулушу: **Ара’айталлазии йуказзибу-биддин. Фазаалика-ллазии, йаду’уляатиим. Ва лаа йахуззу алаа та’аамил-мискин. Фавайлун лил мусаллин. Аллазиина хум ан салаатихим саахуун. Аллазиина хум йурааунa. Ва йамна’уунал маа’уун.**

Мйаниси: Эй, Мухаммад! Динди жалган деп эсептегенди көрдуңбү? Жетимди кубалаган, жардыны тойгузууга кызыкпаган адам мына ошол. Антип намаз окугандардын шору. Алар намаз окуса эч кубанбайт. Алар көргөзмө үчүн жасашат. Алар эч жардам кылышпайт.

КАВСАР СҮРӨӨСҮ:

بِسْمِ اللّٰهِ الرَّحْمٰنِ الرَّحِيمِ

اِنَّآ اَعْطَيْنَاكَ الْكَوْثَرَ ۞ فَصَلِّ لِرَبِّكَ وَانْحَرْ ۞ اِنَّ شَانِئَكَ هُوَ الْاَبْتَرُ ۞

Окулушу: **Иннаа-а’тайнаа-калкавсар. Фасалли лираббика ванхар. Иннаа шааниака хувал’абтар.**

Мааниси: Эй, Мухаммад! Чынында сага кавсарды бердик. Ошондуктан Кудай үчүн намаз оку, курмандык чал. Чынында Сага кек санагандар жексен болот!

КААФИРУУН СҮРӨӨСҮ:

بِسْمِ اللّٰهِ الرَّحْمٰنِ الرَّحِيمِ

قُلْ يَآاَيُّهَا الْكَافِرُونَ ۞ لَآاَعْبُدُ مَا تَعْبُدُونَ ۞ وَلَآ اَنْتُمْ عَابِدُونَ مَآ اَعْبُدُ ۞
وَلَآ اَنَا عَابِدٌ مَا عَبَدْتُمْ ۞ وَلَآ اَنْتُمْ عَابِدُونَ مَا اَعْبُدُ ۞ لَكُمْ دِينُكُمْ
وَلِيَ دِينِ ۞

Окулушу: **Кул'яа аййухаал-каафируун. Лаа а'буду маа та'будуун. Ва лаа антум аабидууна маа а'буд. Ва лаа ана аабидун маа абадтум. Ва лаа антум аабидууна маа а'буд. Лакум диинукум валийа дин.**

Мааниси: Эй, Мухаммад! Айт: Эй, каапырлар! Мен силердин сыйынгандарыңарга сыйынбайм. Силер да мен сыйынганга сыйынбайсыңар жана мен силер сыйынгандарга сыйынбаймын. Менин сыйынганыма да силер сыйынбайсыңар. Силердин диниңер силерге, менин диним мага.

НАСР СҮРӨӨСҮ:

بِسْمِ اللّٰهِ الرَّحْمٰنِ الرَّحِيمِ

إِذَا جَآءَ نَصْرُ اللّٰهِ وَالْفَتْحُ ۝ وَرَأَيْتَ النَّاسَ يَدْخُلُونَ فِي دِينِ اللّٰهِ أَفْوَاجاً ۝
فَسَبِّحْ بِحَمْدِ رَبِّكَ وَاسْتَغْفِرْهُ إِنَّهُ كَانَ تَوَّاباً ۝

Окулушу: **Изаа жааа насруллаахи валфатх. Ва раайтан-нааса йадхулууна фии диинил-лаахи афваажаа. Фасаббих бихамди раббика вастагфирх, иннаху каана тавваабаа.**

Мааниси: Эй, Мухаммад! Алланын жардамы жана жеңиш келгенде, адамдардын жапырт Алланын динине киргенин көрүүдөсүң. Кудайды мактап жана Андан кечирим сура, анткени ал тоболорду ар дайым кабыл кылат.

ТАББАТ СҮРӨӨСҮ:

بِسْمِ اللّٰهِ الرَّحْمٰنِ الرَّحِيمِ

تَبَّتْ يَدَآ أَبِي لَهَبٍ وَتَبَّ ۝ مَآ أَغْنٰى عَنْهُ مَالُهُ وَمَا كَسَبَ ۝ سَيَصْلٰى
نَاراً ذَاتَ لَهَبٍ ۝ وَامْرَأَتُهُ حَمَّالَةَ الْحَطَبِ ۝ فِي جِيدِهَا حَبْلٌ مِنْ
مَسَدٍ ۝

Окулушу: **Таббат йадаа абии лахабин ва табб. Маа агнаа анху маалухуу ва маа касаб. Сайаслаа нааран заата лахаб. Вамра-атухуу хаммаа латалхатаб. Фии жии дихаа хаблун мин масад.**

Мааниси: Абу Лахабдын колдору курусун, куруду да! Анын мүлкү жана алган кирешеси өзүнө пайда келтирбеди. Ал жалындаган отко кирет. Аялы да мойнунда аркан болуп ага отун ташыр.

ИХЛАС СҮРӨӨСҮ:

بِسْمِ اللّٰهِ الرَّحْمٰنِ الرَّحِيمِ

قُلْ هُوَ اللّٰهُ اَحَدٌ ۞ اَللّٰهُ الصَّمَدُ ۞ لَمْ يَلِدْ وَلَمْ يُولَدْ ۞ وَلَمْ يَكُنْ لَهُ كُفُوًا اَحَدٌ ۞

Окулушу: **Кул хуваллааху ахад. Аллаахус-самад. Лам йалид ва лам йуулад. Ва лам йакун лахуу куфуван ахад.**

Мааниси: (Эй, Мухаммад!) Айт: Алла бир. Алла эч нерсеге муктаж эмес. Ар нерсе ага муктаж. Ал туубады жана туулбады. Ага эч нерсе тең эмес.

ФАЛАК СҮРӨӨСҮ:

بِسْمِ اللّٰهِ الرَّحْمٰنِ الرَّحِيمِ

قُلْ اَعُوذُ بِرَبِّ الْفَلَقِ ۞ مِنْ شَرِّ مَا خَلَقَ ۞ وَمِنْ شَرِّ غَاسِقٍ اِذَا وَقَبَ ۞ وَمِنْ شَرِّ النَّفَّاثَاتِ فِى الْعُقَدِ ۞ وَمِنْ شَرِّ حَاسِدٍ اِذَا حَسَدَ ۞

Окулушу: **Кул а’уузу бираббилфалак. Мин шарри маа халак. Ва мин шарри гасикин изаа вакаб. Ва мин шаррин-наффаасаати фил укад. Ва мин шарри хаасидин изаа хасад.**

Мааниси: (Эй, Мухаммад!) Айт: макулуктардын жамандыгынан, караңгылык баскандагы караңгынын жамандыгынан, түйүндөргө сыйкыр уруучу сыйкырчылардын жамандыгынан, ичи тардык кылгандагы ичи тардын жамандыгынан таңдын Кудайына сыйынамын.

НАС СҮРӨӨСҮ:

بِسْمِ اللّٰهِ الرَّحْمٰنِ الرَّحِيمِ

قُلْ اَعُوذُ بِرَبِّ النَّاسِ ۙ * مَلِكِ النَّاسِ ۙ * اِلٰهِ النَّاسِ ۙ * مِنْ شَرِّ الْوَسْوَاسِ الْخَنَّاسِ ۙ * اَلَّذِى يُوَسْوِسُ فِى صُدُورِ النَّاسِ ۙ * مِنَ الْجِنَّةِ وَالنَّاسِ *

Окулушу: **Кул а’уузу бираббин-нааси. Маликин-нааси. Илаахин-наас. Мин шарри’л-васваасил хан-наас. Аллазии йувасвису фи судуурин-нааси. Миналжин-нати ван-наас.**

Мааниси: (Эй, Мухаммад!) Айт: Адамдардан жана жиндерден, адамдардын көңүлүнө шек туудурган эки жүздүү айлакерлердин жамандыгынан, адамдардын кожоюну, адамдардын падышасы, Адамдардын Кудайы Аллага сыйынам.

МАЗМУНУ

Урматтуу окурмандар!.....4
Алгачкы милдетибиз.....5
Ыймандын (ишенүүнүн) шарттары.....5
Исламдын шарттары.....5
Даарат.....7
Дааратын парздары.....7
Дааратын макрухтары (макүрөөлөрү).....7
Дааратты бузган нерселер.....8
Дааратсыз жараксыз болуп эсептелген жагдайлар.....8
Даараттын алынышы.....9
Таңуунун үстүнөн масх тартуу.....13
Гусул.....14
Гусул алуу зарыл болгон абалдар.....14
Гусулдун парздары.....14
Гусулдун алыныш таризи.....15
Үзүрү бар адамдын даараты.....16
Аялдардын өзгөчө абалдары.....17
1) Этек кири абалы.....17
2) Жаңы төрөгөн аялдын абалы.....18
3) Истихаза.....18
НАМАЗДЫН МААНИСИ
Төртүнчү сөз.....19
Тогузунчу сөз.....22
Жыйырма биринчи сөз.....34
Намаз.....43
Намаз кимдерге парз.....44
Намаз убакыттары.....44
Намаз окууга болбой турган убакыттар.....44
Намаздын түрлөрү.....44
А-парз намаздар.....44
Беш маал намаз.....45
Жума намазы.....45
В-напил намаздар.....46

Намаздын парздары.....46
Намаздын рукуулары.....47
Азан.....47
Камат.....48
Намазды бузган нерселер.....48
Намаздын макүрөөлөрү.....49
Күнүмдүк беш маал намаздын окулуш таризи.....51
Багымдат намазы.....51
Бешим намазы.....67
Дигер (аср) намазы.....78
Шам намазы.....84
Куптан намазы.....89
Витир важиб намазы.....90
Таравих намазы.....95
Намаздан кийин эмнелер окулат.....98
Дуба.....100
Сахив (жаңылуу) саждасы.....102
Тилават (окуу) саждасы.....103
Жамаат менен намаз окуунун соопчулугу.....104
Намаздын жамаат менен окулушу.....105
Жума намазы.....108
Жума намазы кимдерге парз?.....108
Айт майрам намаздары.....111
Ташрик такбирлери.....113
Отуруп жана ишарат менен намаз окуу.....114
Сапар намазы.....115
Өткөн намаздардын казасы.....116
Жаназа намазы.....116
Жаназа намазынын окулушу.....118
Намаздарда окулган дубалар.....124
Намаздарда окулган кээ бир сүрөөлөр.....129
Мазмуну.....136